

НАЗГҮЛ СААЛАЕВА

# ЧЕКСИЗ СЕЗИМ

НАЗГҮЛ СААЛАЕВА

# ЧЕКСИЗ СЕЗИМ

*(АҢГЕМЕЛЕР, ЭССЕЛЕР)*

**Бишкек – 2013**

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4
С 12

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы М. Р. Назарбековдун жалпы редакциясы астында чыгарылды.

Саалаева Н.
С 12 Чексиз сезим: Новеллалар. – Б.: 2013. – 64 б.

ISBN 978-9967-457-25-6

Китепке келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш автор Назгүл Саалаеванын аңгемелери жана эсселери киргизилди.

Эл аралык "Нурборбор" чыгармачылык академиясы тарабынан тандалып алынып, талкуулангандан кийинки сунушу менен жарыкка чыгарылды.

С 4702300100-13

ISBN 978-9967-457-25-6

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7- 4

© Саалаева Н., 2013

# ЖҮРӨКТӨГҮ ТАК

(Аңгеме)

Жамгыр жаап жатты. Түнөргөн сур булуттар кайгынын туткунунда калгандай, болгон күчүн көз жашынан чыгарып төгүп жатты. Жамгыр кандай ыйласа, жүзүн жамгырга тоскон Алиянын көз жашы да дал ошондой төгүлүп, жамгыр менен аралашып жатты. Жүрөгү кысылып, тамагы буула түштү. Жан дүйнөсүндө алай-дүлөй бурганак болуп, армандуу күйүттөн арылыш үчүн өзүнөн өзү кача албай турду. Максатсыз алдыга кадам шилтеп, багытсыз туш тарапка кете берип, өзүнүн шаардан кантип чыгып кеткенин дагы сезбеди. Бул учурда эбак күүгүм кирип, көз байланып калган учур эле. Бирок Алия кайда барып, канча жол баспасын кулагына ымыркайдын ыңаалаган тааныш үнү жаңырып туруп алды.

- Мм-мм - деп үн чыгара онтоп алган Алия жаш жууган жүзүн басып, кулагында жаңырган бейкүнөө наристенин алсыз үнүн тыңшап бир азга турду да, буулукканын кармана албай жерге чөгөлөй кулап, озондоп бүк түшүп, колу менен муштум түйө жер койгулап ыйлап жатты.

- Кечир!!.. Ме-ен... Мен акмакты кечир?!.. Ымыркайым менин... Менин балам!.. Сенин кайсы, кай-сы күнөөң үчүн ?!.. Кайсы?... Оо-оо-о Кудай!!! Мени мын-ча эмне кыйнадың.. ҮҮ-ҮҮ - шолоктой өпкө өпкөсүнө батпай ыйлаган Алия бир топ убакыттан кийин эсине келгендей туш тарабына чочуркай тегерене каранып алды да ордунан алсыз туруп, жол жээгин көздөй кадам шилтеди. Анда-мында жарык чыгып машиналардын өткөнү гана болбосо, башка эч бир караан көрүнбөйт. Бүткүл дене бою оорлошуп, үстүндөгү кийими эбак сууга чыланып, бут алдындагы көлчүктөрдү ылгабай кечкен өтүгүнүн ичи сууга толуп чулкулдайт. Алия эч нерсени ойлогусу келбей, чырмалышкан ойлордон силкинип алды. Айланасына көз чаптырып өзүнүн кайда жүргөнүн баамдагысы келди. Бирок караңгылыктын бийлиги өкүм сүрүп, анын аңдоосуна бут тосту. Башы айланып, ыйдан денеси солкулдаган Алия чыйрыгып үшүгөнүн сезип, оюнда эптеп жол тосуп, курбусу Нурзаттын үйүнө барууну чечти да, жол жээгин көздөй беттеп келатып,

эмнеге чалынганы белгисиз көмкөрөсүнөн жыгылды. Башын көтөрөөр замат мурдунан аккан кан боорунан ылдый тамчылады. Колу менен жүзүндөгү чыла аралашкан канды сүртүп алды да, ордунан араң козголуп, олтурганга ылайыктуу жер издеди. Карайлап жатып эптеп бир чоңураак ташка көчүк басты. Мурдунан аккан канды токтотууга да чамасы келбей, олтурган ордунда селейген Алиянын көздөрүнөн мончок-мончок жаш төгүлдү. Канчалык өткөн күндөрдү эстегиси келбесе да, анын ою Азат менен таанышып, ал менен бирге өткөргөн бактылуу күндөргө кетти.

Жакшынакай кийинген кыз кеч күүгүмдө көчө бойлой жол тосуп турду. Өтүп барып кайра артка кайрылган жеңил машина кыздын жанына келип токтоду да, терезеден сулууча келген жигит башын чыгарды.

- Чоң кыз, кайда барасыз?

- Үйүмө.

- А үйүңүз кайда?

Кыз унчукпады. Эмнегедир тигинин суроосуна жооп бергиси келбеди.

- Кечиресиз, чоң кыз, үйүңүз кайда? - Берген суроосун укпай калды дедиби айтор, суроосун кайра кайталады.

- Кошунамдын үйүнүн жанында - деп кыз тигини көп жактыра бербей артка бурулду.

- Анда кошунаңыздын жанындагы үйгө жеткирип коёюнбу? Жигит кыздын артынан кыйкырып калды.

- Чоң кыз, коркпой эле коюңуз, мен жөн гана кеч кирип баратканынан сизди жолубуз бир болсо ала кетейин деп ойлогом.

- Жок. Жо-ок. Чоң ыракмат! Мен өзүм эле - деп өзүн бир аз ыңгайсыз сезген Алия жигитке бурула калып жооп берди.

- Мен шаар ичине эмес Кантка барам - дегиче болбой тиги анын сөзүн жулуп кетти.

- Кантка? Оо-о-ой, чоң кыз мен билгендей эле токтоткон турбаймынбы. Шашыла сүйлөгөн жигит машинасын акырын артка берип, Алиянын жанына жакындады да, жерге түшүп кыздын жанына жете келди.

- Биринчиден, таанышып алалы атым Азат - деп кызга колун сунду.

- Алия!

-Жакшы атыңыз бар экен, Алия. Бир көргөн кишиге эле мынчалык уйгактай жабышкан кандай неме деп, мени ичиңизден жаман көрүп жаткандырсыз? - Жигит кызга суроолуу карап калды.

- Жок, эмнеге жаман көрөт элем - кыз ооз учунан жооп берген болду.

-Менин үйүм Токмокто болгондуктан, ар күнү кечинде жумуштан баратып, таксист болуп коймой жайым бар. Жалгыз жол жүрбөй жанында маектешер кишиң болсо жакшы да. Жол да бат арбыйт, жолдук майды да актап аласың - деп кызга күлүп койду.

-Бирок мен сизди бекер эле ала кетем. Эгер менден корксоңуз жаныбызга дагы киши салып алалы, макулсузбу? - Кыз унчукпады.

-Анда кеттикпи - жигит шашыла сүйлөдү. Алия макул дегендей аста башын ийкеп койду. Жолдо баратышып экөө бири-бири менен жакындан таанышышты. Башка жол тоскон адам болбогондуктан аларга эч ким жолтоо болбоду.

-Демек, модельер-дизайнермин деңизчи.

-Ооба.

-Эң жакшы кесиптин ээси экенсиз, бирок сабагыңардын кеч бүткөнү жаман экен - деп кызды акырын кыңырыла карап койду.

-Сабагыбыз эрте эле бүтөт. Бүгүн университеттер аралык сынак болуп, ошого кармалып калдым.

- Аа, сынакка сиз да катыштыңызбы?

- Ооба.

-Жакшы, ийгилик жарата алдыңызбы?

-Ийгилик биз тарапта болуп, жакында Казакстанда өтө турган сынакка жолдомо алдык - деп Алия ууртунан аста жылмайып койду.

-Охоо, куттуктайм! Ийгилигиңиз кут болсун!

-Ырахмат. Кыз башын акырын ийкеп койду.

-Эгер мен сурабасам, унчукпай эле кетип калмак экенсиз да ээ? Ушундай сырды ичиңизге катып, кантип унчукпай келаттыңыз? Эгер мен сиздин ордуңузда болсом эмдигиче жарылып кетмекмин - деп каткырып калды Азат.

-Эмнегедир анын бул көрүнүшү Алияга жага түштү. “Абдан шайыр бала экен ” - деп койду ичинен.

Аңгыча машина жол жээгиндеги кафелердин алдына келип токтоп калды.

-Сиз каршы болбосоңуз, сиздин ийгилигиңиздин урматына бир аз убакытка кафеге кирип чыксак кандай болот?

Бул кутүүсүз сунушка Алия дароо жооп таба албай, кайсактай түштү.

-Ой, ой, жок! Мен эртерээк үйгө барышым керек. Үйдөгүлөр мени күтүп жатышат. Убара болбоңуз, сыйыңызга ырахмат! - деп шашып калды.

-Анчалык көп убакытка деле кармалбайбыз. Болгону бир аз сөзгө тост көтөрүп, шам-шум этип алганыбыз деле ашыкча болмок эмес беле деп ойлойм.

-Кечириңиз, чындыгында мүмкүн эмес! Үйдөгүлөр мени күтүп калышты. Андан көрө мени эртерээк жеткизип койсоңуз жакшы болмок - деп шашкан кишидей түр көрсөттү Алия.

-Мейлиңиз, карындаш, "Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт" - дейт го элибизде. Балким бул ирет болбосо да, башка учурларда сиз менен бирге кафеге отурганга мүмкүнчүлүк түзүлүп калар. Бирок анда менин сунушумду колдойсуз деп ойлойм? - деп кызга суроолуу тигилди. Алия макул дегендей башын аста ийкеп койду.

Экөө кайрадан жолун улантып, кызуу маек куруп келатышты.

- Сиз менин дарегимди толук эле жаттап бүттүңүз окшойт. Бирок, сиз тууралуу мен эч кандай маалымат укканым жок. Өзүңүз кайсы жердин кулуну болосуз?

- Мага сурооңуз жакты. Чүйлүк кыздардын көбү эле орусча оозун чоюп калышчу эле. Сиз андай эмес экенсиз. Суроону накта кыргызча бердиңиз го?

- Апам кыргыз тилчи мугалим болгондуктан, бизди жашыбыздан «өз тилиңерде таза, так сүйлөгүлө» деп үйрөткөн.

- Апаңыз сизге мыкты тарбия бериптир.

- Сиз менин суроомо жооп бербей койдуңуз го.

- Аа, кечиресиз! Мен сөзгө алаксып кеткен турбаймынбы. Өзүм тууралуу айтсам - деп Азат бир азга ойлуу туруп калды. - Сөздүн ачыгын айтканда, мен көп эле кыздарга жерлигимди так айтчу эмесмин. Бирок, сизге туурасын эле айтам. Мен өзүм Баткенден болом, - деп Алияны акырын карап койду.

- Кызык, Баткенден болсоңуз эмне болуптур?

- Сизге эч кандай таасир калтырган жокпу?

- Жок. А кандай таасир калтырыш керек эле?

- Билбейм, мен билгенден көп кыздар «түштүктүктөрдү» көп жактыра беришпейт. Мен ошондуктан өзүмдү Токмоктукмун деп коём. Анткени, кичинемден эле Токмокто атамдын инисинин колунда чоңойдум. Айылга анда-санда гана барганым болбосо, балалыгымдын көбү Токмоктон өттү. Кийин шаарга барып окуп, иштеп калдым. Ошондон бери Токмок менен Бишкектин ортосунда эле жүрөм, - деп Алияга карап, жылмайып койду.

Ошентип билинбеген убакыттын өтүшү менен Алия көздөгөн жерине дагы жете келди.

- Ка-аап, мындайда убакыттын тардыгын караңызчы! Сиз менен маектешип келатып Кантка кандай жеткенибизди дагы сезбей калыптырмын. Мынча болгон соң, сизди үйүңүзгө чейин эле жеткизип коёюн!

Алия ага каршы ой айткан жок үйүнүн эшигинин алдына жеткен соң, Азат менен коштошуп кала берди.

Жигиттин ойлогон ою ишке ашып, кыздын толук дарегин алып, санаасы тынды. Алия каникулдан кайра шаарга окуусуна келгенден кийин бир жума өтпөй, Азат аны жатаканага издеп келди. Бул Алия үчүн күтүүсүз иш болду. Ушул жолугушуудан баштап, экөө тез-тез көрүшө турган болушту. Баштагы достук мамиле барган сайын кантип сүйүүгө айланып кеткенин экөө тең байкашпады. Аз убакыт бирин-бири көрбөй калса сагынышып, куса болушчу болду. Бир күнү кечинде Алия адатынча сабактан келип, бөлмөсүнөн чыкпай Азатты күтүп отурган. Эшикте аны чакыртып жатканын угуп, дароо вахтага түштү. Жүзүндө кубаныч толгон Азат аны жакшы кабар менен тосуп алды. Экөө көрүшүп, бири-бирине болгон сагынычтарын таратышкан соң Азат мындай деди:

- Алия, мен кечээ күнү айылга телефон чалып, ата-энеме экөөбүздүн мамилебиз тууралуу айттым. Алар менен кеңешип, сен макул болсоң быйыл жайкы каникулга чыкканыңда сага үйлөнмөй болдум. Окууңду андан ары улантканга мен жардам берем.

- Чын элеби?

Кыз жигитти бакырайган көздөрү менен жадырай карады.

-Ооба, сен макулсуңбу?

-Макул болбогондочу - деп сүйүнүчү койнуна батпаган Алиянын назик колдору жигиттин мойнуна оролду.

-Анда кийинип чык, кеттик!

-Кайда? - деп чочуган Алия Азатты таңыркай карады.

-Сен уккан жакшы кабардын урматына, бүгүн дос баламдын үйүнө конокко барабыз. Бүгүн анын туулган күнү. Сени досторум менен тааныштырганча Нурикти дагы туулган күнү менен куттуктап келебиз. Ал менин эң жакын досум. Анын үстүнө көптөн бери эле дос балдар сени менен таанышканга куштар болуп жүрүшөт, - деп күлүмсүрөп койду.

Жигиттин сунушуна макул болгон Алия комнатасына кирип кийинип, кайра чыкты. Бактылуу кыз-жигит жолдон туулган күн ээсине белек алышып, көп узабай конок тоскон үйгө да келип жетишти. Үй ичиндегилер келген конокторду жылуу тосуп алышты. Жигит кыздың дасторкон четиндеги бейтааныш улан-кыздар менен тааныштырып чыкты. Ошентип, жаңы тааныштардын айланасында өткөн отуруш түндүн бир оокумуна чейин созулду. Отурушта туулган күн ээси менен катар, Азат менен Алиянын дарегине дагы жакшы каалоо-тилектер айтылып, тосттор көтөрүлдү. Башында бир аз уялымыш болуп, кыйноокыстоо менен ичкиликтин даамын таткан Алия, отуруштун аягында эч каршылык жок олтургандар менен тең жарышып иче берип, өзүнүн аябай кызып калганын дагы байкабады. Бир убакта Азат аны сыртка алып чыгып, бир аз жеңилдеп таза аба жутушкан соң, кайра үйгө киришип, жай музыканын коштоосунда эки-экиден бийлеп жаткандардын катарын толукташты. Андан соң кайра дасторкон чекесине келип олтурушту, Каалоо-тилек менен коштолгон ичкиликтин аягы Алияны эстен тандырды.

Эртең менен көзүн ачкан Алия, Азат менен бир төшөктө энеден туума жылаңач жаткан жеринен ойгонду. Ал аз жерден бакырып жибере жаздап барып токтоду. Дароо жүрөгү “шуу” дей түштү. Башын бир аз көтөрүп, айланасына уурдана көз чаптырды. Эки-экиден өзүнө окшоп жарым-жарты жылаңач болуп кучакташкан балдар-кыздарды көрүп, башын мыкчыды. Ичкиликке алдырып, өзүнүн абийиринен айрылганын билип, ичинен катуу сынып турду.

- Кантип!? Кантип... Оо-оо, Кудай! Мен эмне жорук кылдым!? Эми эмне кылам? Бул эмне деген шермендечилик. Мен акмак бул жолго кантип бардым! Кантип??? Эми ата-энеме эмне дейм, алардын бетин кантип карайм!? Кайсы... кай-сы бетим менен!? - Алиянын башына толгон-токой жоопсуз суроолор толо түштү. Башы сынып кетчүдөй зыңылдап ооруп чыкты. "Кызым, кандай жерде жүрбө, кандай бала менен сүйлөшпө өз абийириң менен болуп, алданып калуудан сак бол! Азыр заман бузулуп турган учур. Ак көңүл, өтө эле ишенчээк жансың. "Сүйдүм, күйдүм" десе эле алардын тилине кирип, биздин эл караган бетибизди жер карата көрбө" - деген энесинин сөзүн кээде жактырбай - "Ии-иий, коюңузчу! Кечке эле мээмди чага бересиз. Мен деле чоңойдум. Менде деле акыл-эс бар. Жөн эле бузула бермек белем" - деп кайра апасына каяша жооп кайтарган учурлары эсине келе түштү. Ал ансайын жети өмүрү жерге кирип, көздөрүн жаш чайыды. Алдыңкы эрдин кесе тиштеп, төшөккө башын катты да үнсүз ыйлап кирди. Ошол учурда Азат дагы ойгонуп кетти. Ал колдору менен көздөрүн ушалап алды да, Алияны кучагына кысты. Алия акырын андан бошоно берип, бери бурулду да:

- Бул эмне кылганың? - деп сурады жай гана, мөлтүлдөп жашка толгон көздөрү менен Азатка тигилип. Ал кайсактай түшүп, башын көтөрө эки жагын каранып алды да, баары терең уйкунун кучагында экенин көрүп, колдору менен акырын Алиянын жүзүндөгү жашты сүрттү.

- Мени кечирип койчу! - деди ал акырын үн чыгарып. - Мен мунун баарын атайын кылган жокмун. Ачыгын айтсам, түндөгү окуянын бири дагы эсте жок - деп актана кетти. - Мунун баары ичкиликтин айынан... Алия сен жаман ойлобо! Мен сени таштабайм. Мен сени сүйөм, Алия! Мен сени эч кимге бербейм. Экөөбүз түбөлүккө бирге болобуз!? - деп Алиянын кулагына шыбырап жатты.

- Акмак! - деп колун катуу силкип алган Алия оюнан алаксый түштү. Эки жагына каранып алып, өзүнүн жамгырлуу түндө көчөдө жалгыз отурганын эстеди. Жонунан өткөн суудан аябай чыйрыгып үшүп калгандай. Денесин майда калтырак басып, эрди-эрдине тийбей титиреп жатты. Эмнегедир анын ачуусу кайнап чыкты. Эки колунун салааларын кайчылаштыра мыкчый

кармады да, кайра колун жая кош алаканы менен бетин бекем басты.

- Көрсө... сен мени алдаптырсың да!? Кантип!?.. Кантип мени алдаганга дитиң барды. Эмнеге алдадың? Эмне үчүн? Мен сага чын дилимден ишенип, сенин тилиңе киргендигим үчүнбү!? Же, балалык аруу сезим менен сени сүйгөндүгүм үчүнбү!? Мен байкуш, сен үчүн эмнелерден гана кечпедим. "Сен" деп жүрүп байкуш ата-энемдин тапкан ташыганын талаага чачып, алар өткөргөн окууну таштадым. "Сен" деп жүрүп бирге окуган курбуларымдан, досторумдан ажырадым. Канчалаган мен багынтчу ийгиликтерден, сыйлыктардан кур кол калдым. "Сен" деп жүрүп менин эң таттуу аруу тилектерим, ой-максаттарым талкаланды. Сен менин бүтүндөй дүйнөмдү аёосуз талкаладың. Сен бүгүн менин бейкүнөө наристемди өлтүрдүң! Акмак! Мен сени жек көрөм, жек көрөм! - Алия болгон ачуулуу үнү менен кыйкырып жатты. Анын айласы куруп, жер үстүнө сыйбай турду. Тамагы ызалуу жашка муунуп, жүзү жашка жуулду. Караңгылыктын тереңине батып, кайдадыр безип кеткиси келип турду.

- Бактысыз шордуу жаным! Сага кайдан, кайсы каргашалуу күнү жолуктум экен!? Мен сени жек көрөм! Сага жолуккан күндү жек көрөм! Таалайсыз тагдырымды жек көрөм!.. Каргыш тийген акмак, сенин айыңдан мен баарын жоготтум, баарын! - Алия башка сөз сүйлөөгө кудурети келбей, муңканып ыйлай берди. - Балам экөөбүздүн бактыбызга балта чаптың! Кантип, кантип баарына көз жумуп кеттиң!? Курсагымдагы ымыркайдын өз балаң экенин билип туруп, анын алсыз экенин көрүп туруп, тагдырыбызды талкаладың! Кичинекейиме суук колуңду салып, өмүрүн жайладың! Кантип?.. Кантип гана дитиң барды!?.. Ылайым балалуу болбой, ымыркайдын үнүнө зар болуп кал! Мени кандай какшатсаң, сен да ошондой какшап кал! Кудайга койдум сени!.. Кудайга!

Көз алдына өткөн күндүн элестери биринин артынан бири күңүрт тартылып жатты. - Байкуш апам! - деди бир убакта. - Мен сени эмне деген гана азаптарга салбадым!? Кечир мени апаке, мени кечир! Акылы жок жалгыз кызыңдын канча азабын тарттың!? - Башын шылкыйта жерге салып дагы ойго туна түштү. Ал апасынын акыркы жолу аны издеп келгендеги элесин көрдү.

Мындан төрт-беш ай мурда үйүнө барган бойдон Алия ата-энеси менен көрүшө элек болчу. Азатка жолуккандан кийин ал үйүнөн дагы алыстап кетти. Окуусуна да бирде барса, бирде барбай сабактарын көп үзгүлтүккө учуратып жатты. Өмүрү агай-эжелеринен тил укпаган Алия, алардын катуу сынына да кабылып жүрдү. Акыры ичи билинип калгандыктан таптакыр окуудан чыгып калууга аргасыз болду. Жамандык жерде жатпайт тура. Айылдаш, бирге окуган классташ кызы Айзаттын көктөн издегени жерден табылып, Алия тууралуу маалымат бат эле айылына жетти. Кызы тууралуу айтылган ушак кептерди угар замат апасы акыры аны өзү таап келди. Кызынын алгач кебетесин көргөндө энеси байкуш тим эле быркырап сынып кетти го, чиркин!

- Мынча убакыт бизден качып, кимден боозуп жүрөсүң, кокуй!? Кебетең кантет, шерменде!? Бул эмне деген жорук? Атаң экөөбүз сени окуп-чокуп жүрөт десек... сен минтип, боозуп жүргөн турбайсыңбы!? Оо-о-о шордуу жаным, биз сага неден жаздык!? Жалгыз кызыбыз деп тапкан-ташыганыбызды сага чаптаган жазыгыбызбы!? Биз сени ушинтип боозуп, туусун деп чоңойтук беле!? - Салаалап көз жашы төгүлгөн эне, ачуу айкырык менен кызын өксүп тилдеп жатты. Ызасы ашынып Алияны жаактан ары эки-үч жолу тартып да жиберди.

Акыры эсин жыйып, болгон иштин чоо-жайын бүт угуп болгон соң оор үшкүрүнгөн эне сөзгө келди.

- Кызым, - деди бир убакта Алияга боору ачыган түр менен карап. - Болор иш болуп, боёсу каныптыр. Мен атаңа айтып, болгон иштин жайын түшүндүрөйүн. Сен биздин жаныбызда эле бол! Күйөөңдүн кайрылып келишине көзүм жетпей турат - деди акырын муңайым үн менен. Эгер анын чындап сени менен жашаганга көңүлү болсо, минтип ай-күнүнө жетип турганда эч кабарсыз сени жалгыз таштайт беле? Анын сени алдап жүргөн бир шүмшүк болсо керек. Качан сенин кош бойлуу экениңди укканда куйругун түйүп зуу койду да!

Айлананы бир топко жымжырттык бийледи. Алия болсо башын жерге салган калыбында үндөбөдү. Ооба, апасы туура айтат. Чын эле Алия боюнда бар экенин Азатка угузганда, ал чок баскандай секирип, ошол күнү экөө аябай урушпады беле. Акыры баланы боюнан алдырып салууга көндүрүп, эки күндөн кийин

экөө ооруканага барышкан. Бирок айынан өтүп кеткендиктен дарыгерлер баланы алып салууга мүмкүн эмес экендигин айтышкан. Мына ушул күндөрдөн баштап, экөөнүн ортосунда пикир келишпестиктер башталды. Биринин кеби бирине жакпай, бет келишкен жерден уруш-талаш чыгып, барган сайын чыр-чатак арбыды. Бул көрүнүштөн тажаган Азаттын акыркы убактарда командировкасы да көбөйүп, үйгө түнөбөгөн күндөрү арбыды. Акыркы жолу аны мындан бир жарым ай мурда көргөн. "Ошко командировкага кетип жатам. Качан келерим дагы белгисиз. Жолдон үйгө да барышым керек. Ага чейин жаныңа Нурзатты чакырып ал. Колдон келишинче эртерээк келгенге аракет кылам. Буга болсо тамак-ашыңды алып тур", - деп колуна бир аз акча карматып шашылыш кеткен бойдон Азаттан эч кабар жок.

- Эми эмне кылам? - деп ойдон башы катып турду Алиянын. - А балким мен жокто Азат үйүндөгүлөр менен келип калсачы? "Сен төрөгүчө ата-энеңдин алдынан өтүшүбүз керек" - дечү эмес беле. Балким үйүнө ошол себептен кайрылам деген чыгар. Кечиккенине караганда тойго камданып жүрсө керек? - деп ойлоду бир оюнда. - Анын үстүнө курсагымды челкейтип алып атамдын алдына жалгыз кантип барам? Жок, мынча болгон соң Азатты күтөйүн - деген чечимге келди Алия.

Ушул айдын аягына чейин Азат экөө, болбосо өзү сөзсүз курбу кызы менен бараарын айтып, апасын эптеп сөзгө көндүрдү да, эртеси аны таксиге салып жиберди.

Арадан бир жумадай убакыт өттү. Азатты күтүп жолду карай берип Алиянын көзү тешилмей болду. Анын жалгыз тилеги, Азат аман-эсен кайтса ата-энесине барып, алардан кечирим суроо болуп турду. Мындан ары Азаттын да көңүлүн оорутпай, аны менен сөзсүз бактылуу жашайм, апамды эми эч качан ыйлатпайм, баламды чоңойтуп эне болом деген таттуу тилектер анын үмүтүнө үмүт кошуп жүрөгүн уялап алды.

Жума күн эле. Нурзат эртең менен сабакка кеткен. Ал Азат кеткенден бери Алиянын жанында. Экөө университетке келгенден бери ынак достордон болушту. Ал акыркы убактарда Алиянын кайгырса кайгысын, кубанса кубанычын тең бөлүшкөн жалгыз таянар тоосу эле.

Күткөн маршурткасы келип, Алия ооруканага баратты. Терезеге тигилип зымырап өтүп жаткан бак-дарак, түрдүү имараттар, ары-бери тынымсыз аккан элдин агымы жана башкаларга көз чаптырып, ойлуу олтурган Алия капыстан жол жээгинде токтоп турган Азаттын машинасына көзү түштү. Дароо анын номерин караганга үлгүрдү. Ишенип, ишенбегендей артына кылчая карап, узап бараткан машина Азаттыкы экенин анык тааныды. Дароо маршуртканы токтотуп түшүп калды да, машинаны көздөй бет алды. Ал ушул учурда Азатты абдан сагынганын сезди. Алдыга кадам шилтеген сайын жүрөгү түрсүл согуп, аны тезирээк эле көргүсү келип турду. Ага баштагыдай эркелеп, аны абдан сагынганын, ансыз жашай албастыгын, ата-энеси аларды күтүп жатканын, айтор, бар сырын ага төгүлүп-чачылып айткысы келип турду. Ал эле эмес кетирген айрым кемчиликтери үчүн андан кечирим суроону да ойлоду.

Машинанын жанына келсе ичинде эч ким жок болуп чыкты. Эки жагына каранып, Азаттын караанын издеди. Бирок аны таба албады. Эмнеси болсо да аны ушул жерде күтө турууну ойлоду. Өзүнөн өзү кубанып, Азатты тезирээк эле көргүсү келди. Эмнегедир ага машина да абдан жакын сезилди. Аны көпкө кусалуу тиктеп турду. "Кызык, сен эмес сенин машинаңды дагы сагыныптырмын" - деп күлүп койду ичинен. Алия машинаны тегерене басып, колдору менен аны аста сылап койду. - Айтчы, көптөн бери көрүнбөй кайда жүрдүң? Кожоюнуң экөөң мени аябай зарыктырып күттүрдүңөр го. Же мени унутуп койдуңарбы? Мейли, эмнеси болсо да аман-эсен келиптирсиңер. Мындан дагы кечиккениңерде мен чындап эле жинди болуп кетмекмин. Билесиңби, а мен силерди аябай сагындым. Силерчи? Силер да мени сагындыңарбы? - Алия машинадан жооп күткөндөй аны үнсүз бир топко тиктеп калды. Аңгыча сумкасындагы чөнтөк телефондун шыңгыраган добушу анын оюн бузуп жиберди. Шашыла сумкасынан телефонун сууруп чыкты. Чалып жаткан апасы экен:

- Алло, апа угуп жатам.

- Мен жакшымын. Өзүңүз жакшысызбы, атам жакшыбы?

- Апа, Азат келди! Эми буюрса, силерге экөөбүз чогуу барабыз - деп апасына жакшы кабар угузганына сүйүнүп жатты.

Апасы кызынын акыбалын сурап бир топко сүйлөдү. Эртең Азат экөөнү күтүп аларын айтып коштошту.

Бирок Алиянын аруу тилектерин таш капты.

Мунун баары мындайча башталды.

Апасы менен сүйлөшүп болгон соң, Нурзатка да телефон чалып Азаттын келгенин сүйүнчүлөдү. Ал дагы Алиянын кубанычына кошулуп, бүгүн эки жашка тоскоол болбой, үйүнө бараарын айтты. Алия машинаны айланып ары-бери басып жүрүп, буту ооруп кетти. Олтурганга ылайыктуу жай издеп, аркы четте бак түбүнө коюлган орундуктардын бирине келип олтура кетти. Акырын курсагын сылап, баласы менен сүйлөшүп кирди.

- Мына балам, көптөн күткөн биздин атабыз дагы келип калды. Биз эми сөзсүз бактылуу болобуз. Балким эртең таятаң менен таенеңе дагы барабыз. Алар бизди көрсө абдан кубанышат. Сен аман-эсен жарыкчылыкка келсең биз аларга тез-тез конокко барып турабыз. Кичинекейим менин, сен дагы аябай кыйналдың. Мен ыйласам кошо ыйлап, күлсөм кошо күлгөндүрсүң ээ?.. Баары жакшы болот, эми мен сени эч качан ыйлатпайм. Атаң экөөбүз сени сөзсүз бактылуу кылабыз. Сен дүйнөдөгү эң бактылуу балдардын бири болосуң. Балапаным менин, деги айтчы сен кимибизге көбүрөөк окшошсуң, атаңабы же магабы ыя? - Алия курсагын сылап бактылуу жылмайды. - Эмнеси болсо да аман-эсен төрөлчү, каралдым. Көптөн күткөн атабыз дагы келди эми баары жакшы болот... баары жакшы болот...

Алия таттуу кыялга батып, өзүнүн кайда олтурганын дагы унутуп калды. Бир убакта эсине келгендей, чөнтөк телефонунан сааты карады. Билинип-билинбей бир саатка жакын убакыт өтүп кетиптир. Алия машина тарапты карап, эмнегедир Азаттын кечиккенине тынчсыздана түштү. Азаттын телефон номери иштеп калдыбы деп ага да чалып көрдү. Бирок, дагы эле өчүк болуп чыкты. «Бул номери эмнеге иштебей калды экен?» - деген ойго кетти Алия. Азат үйдөн кеткенден кийин эле, көп өтпөй номери өчүп калды. Ошондон кийин Азаттан таптакыр байланыш үзүлдү. «Биздин айыл чет жакта болгондуктан байланыш болбойт. Ошондуктан тоого чыгып, же болбосо кээ бир үйлөрдүн чатырынан сүйлөшөбүз», - деп кээде тамаша-чынга аралаш күлүп калчу Азаттын сөзүн азыр да эстеди. Башында Алияга бир топ эле кыйын болду. Улам барган сайын Азатты күткөн күндөр

узарып, ал аз келгенсип андан эч кабар болбогондугу Алияны ого бетер түмөн түйшүккө салды. Далай жолу колуна чөнтөк телефонун алып, Азаттын номери өчүк болгонуна карабай чала берчү. Акыры тажаганда өзүнөн-өзү жини кайнап, буурakандаган бугу толуп-ташып, өзүн коёрго жай таппай калчу. Ары урунуп, бери урунуп кээде кайдадыр туш келди жакка безип качкысы келет. Азаттын кылган жоруктарына, анын жок дегенде бир жолу кабарын билдирип, бир жолу акыбалын сурап койбогонуна арданып, ызаланчу. Мындай учурда болгон күчүн көз жашынан чыгарып, өпкө-өпкөсүнө батпай өксүп ыйлачу. Азатка жолуктурган тагдырына наалат айтып, аны жек көрүп тилдечү. Алиянын бул азабын жалгыз гана курбу кызы Нурзат тең бөлүшүп, аны далай жолу жаман ойлордон арачалап, ага кайрат айтып, акылга салчу.

Азаттын көпкө кечиккени аны дагы ойго салып жатты. «Эмнеге биринчи үйгө келбей бул жакта жүрдү экен? Менин телефон номеримди деги билет, анан эмнеге чалган жок? Балким, жумуштарымды биротоло бүтүрүп алып анан үйгө барайын деген чыгар» деди дагы бир ою. Бирок Азатка баары бир ичинен таарынып турду. Акыры жаман ойлордон качып ордунан туруп ары-бери басып кайра келип ордуна олтурду. Аңгыча болбой ары жактан шарактаган үндөр угулду. Үн чыккан тарапка караган калыбында Алиянын кирпиктери ирмелбей катып калды. "Жок, жо-ок... бул Азат эмес!? Сен ага окшоштуруп көрүп алдың го?" - деген кандайдыр бир бүдөмүк ой башына "кылт" дей түшүп, каткан кирпиктерин удаа-удаа ирмеп жиберди. Көздөрүн бакырайта ары жактан машинаны беттеп келаткан кыз-жигитти кыймылсыз кадала тиктеди. Алар абдан бактылуу келатышты. Кыз жигитке бир нерсе дегендей болду. Жигит кызды жерден колуна көтөрүп алып, тегеренип кирди.

- Болду, болду Азат! Мен жеңилдим! - деп кыз кыйкырып жатты. Жигит кызды жерге түшүрүп экөө кучакташып туруп калышты.

Алия көргөн көзүнө ишенбей ордунда кыймылсыз катып калды. Көз алдына бир убактагы бактылуу күндөрү тартыла түштү.

- "Азат... А-за-тт... - бул сөз оозунан араң шыбыш менен чыкты. Алиянын көздөрү караңгылашып, жер айланкөчөк боло

түштү. Өзүнүн эмне болуп баратканын түшүнбөй баратты. Көздөрүн бекем жуумп, демин ичине катты. Бирөө башка чапкан немедей нес болуп, бир топко акыл-эсин жыя албай турду. Кулагына угулган тааныш күлкүдөн кайра өзүнө келе түшкөндөй болду. Бүткөн бою чыңалып, ачуусу кайнап чыкты. Ордунан ошол замат дароо турду да, кучакташып жайма-жай турган тигил экөөнү ушунчалык жек көрүү менен карап, аларды көздөй шашылыш кадам шилтеди. Жетип-жетпей кызганыч, ызага толгон ачуулу үн менен кыйкырып жиберди:

- Аз-а-а-тт!

Экөө тең үн чыккан жакка бурула беришти. Азат Алияны көрөр замат жанындагы кызды бүрөө жула каччудай, өзүнө имере тартып бир колу менен анын каруусунан кармап турду. Бул көрүнүш Алиянын ого бетер канын кайнатып, ачуусу жүзүнө чыкты.

- Акмак! Сен демек ушинтип командировкалап жүрүптүрсүң да, ээ!? Сен... сен демек мени алдап жүргөн экенсиң да! Бети жок! Акмак! - Алиянын колдору Азатты көздөй сунула бергенде, ал аны билектен кармап калды.

- Жап жаагыңды! Оозуңа карап сүйлө! - деп Алиянын колун карыштыра мыкчый кармап, кагып жиберди. - Сага эмне керек! Азат Алияны тааныбагандай түр көрсөттү.

- Азат сен жинди болуп жатасыңбы? Эмне мени тааныбай калдыңбы?

- Сени тааныгандай сен ким элең мага? А көрдүм, балаңдын атасын издеп жүрөсүңбү? Азат Алияны мыскылдагандай карады.

- Эмне?.. Алия уккан кулагына ишенбей турду. Бул ким Азат?

- Бул менин баламдын атасы! Сен эмне түшүнгөн жоксуңбу!? Бул менин күйөөм түшүндүңбү? - Алия тиги кызга ачуулу кыйкырды.

- Токтот! Кайдагы күйөө?! Сенин эс-акылың жайында немесиңби? Же, ар кимден тапкан балаңды мага таңуулагың келип турабы?

- Азат! Эмне деп жатасың? Кайдагы ар ким, бул сенин балаң! Сен экөөбүздүн балабыз...

- Жаагыңды жап! - жин урган немедей кыйкырды Азат. - Бул менин эч кандай балам эмес! Мен сени жадагалса таанышбайм дагы.

- Сен таанышбасаң бул сени кайдан билет? Сен менден эмнелерди жашырып жүрөсүң? Ушул чынбы, бул сенин аялыңбы? - деп жанындагы кыз Азатка карай атырылды.

- Сага эмне жин тийдиби? Ооба буга чейин аны көргөнүм чындык. Бир эки жолу коноктон балдар менен жүргөнүн көргөм. Башка аны менен эч кандай байланышым жок. Менин аялым болсо сага үйлөнөт белем? Бул бузуку экөөбүздүн үйлөнгөнүбүздү угуп, сенин көзүнчө бет тырмарлык кылып жатат.

- Эмне деп жатасың? Азат, сен үйлөндүңбү? Кандайча?.. - Алия сөзгө түшүнбөгөндөй, андан кайра сурады. - Сен үйлөндүңбү? Азат деги эмне болуп жатканын мага түшүндүрчү? Сенин аялың менмин да. Бул сенин балаң го... бул экөөбүздүн перзентибиз эмеспи? - деп бирде курсагын, бирде Азатты караган Алиянын көздөрү жашка толуп, жалооруй түштү.

- Бул эмне деген жорук? Деги мен кимиңерге ишенем. Азат ушул чынбы? Бул сенин аялыңбы? - тиги кыз өз суроосуна жооп издегендей экөөнү алмак-салмак карады.

- Жалган! Сен ушул кайдагы бир келжиректин сөзүнө ишенип жатасыңбы? Бул менин эч кандай аялым эмес! Бул бузуку!

- Кантип... Азат мен сени канча айдан бери жол карап күтүп жүрөм го?! Сен комадировкага кеттим, жолдон ата-энеме жолуга келем. Мен келгенде ата-энеңдин алдынан өтүп келебиз дедиң элең го. Жакында эле апам келип кетти. Алар экөөбүздүн келишибизди күтүп жатышат.

- Токтот! - деп жаны чыга, жинди немедей дагы бакырды Азат. - Мен сенин ата-энеңе бармак тургай, мен сени тыңыраак дагы таанышбайм, уктуңбу!? Таанышбайм! Сага эскертип коёюн, экинчи менин көзүмө көрүнчү болбо! Кайдагы ар кимден тапкан балаңды мага таңуулаганыңды токтот. Болбосо... - деп Алияга мына-мына чаап жиберчүдөй тап бере колун көтөрдү.

- Азат, койчу! Жүрү, кетеличи бул жерден. Болдучу эми! - деп колуна жабышкан жанагы кыз аны женден тарткылады.

Нарын облустук
китепканасы
№ 57369

Ушул эле жетишпей тургансып, Азат ансайын Алияга каарын төгө болгон үнү менен кыйкырып кирди.

- Мага жөнү жок догунду артпа! Эгер билбесең билип, көрбөсөң көрүп ал! Мына, мына менин аялым! Түшүндүңбү? Экинчи менин көзүмө көрүнбө! Уктуңбу!? Көзүмө көрүнбө! - деп жанындагы кызды - Кеттик, Мека кеттик - деп аны колдон алып, жетелеп жөнөдү.

- Азат! Аза- а-ат! - деп кыйкырган Алия темтеңдей басып тигилердин алдын торогонго аракет кылды. - Суранам Азат, сенден өтүнүп калайын! Мени минтип боздотуп, талаага жалгыз таштаба! Мени кайсы күнөөм, кайсы жазыгым үчүн? Мен сенсиз жашай албайм! Балам экөөбүздү таштабачы, бизди таштабачы! - деп боздогон Алия Азатты колдон алып, аны токтотууга аракет жасады. Айласы куруган Алия жерге чөгөлөй жыгылып, Азаттын бутунан кучактады. - Эгер кетирген күнөөлөрүм болсо кечир! Кудай үчүн балабыздын өмүрүн сактап кала көр! Биздин тагдырыбыз сенин колуңда. Суранам, Аз-а-аа-т! Бизди таштап кетпечи, биз сенсиз кантип жашайбыз. Мени аябасаң дагы, курсактагы кичинекейинди аяп койчу! - Алиянын салаалап аккан көз жашы жүзүн жууп, тигилердин бут алдында үнү Кудайга жетип турду. Бирок, Азат буга дагы карабады. Болгон күчү менен Алиянын бутуна оролгон колун карыштыра кармады да, бутун тартып алды. Эч кеп-сөз айтпастан, тиги кызын колунан жетелеп басып кетти. Алия боз топого аралашып, олтурган ордунда тигилердин артынан кыйкырган боюнча кала берди.

Шашыла баскан берки экөө анын кыйкырыгын тыңшаган да жок. Азаттын жанындагы кыз гана артына улам кылчактап, Алияны караганы болбосо, Азат бир да жолу кылчайып койбостон машинасына барып олтурду. Алия ордунан араң козголуп, аларга бармакчы болгондо машина ордунан козголуп, жүрүп кетти.

Бул көз-ачып жумганча болуп өткөн окуя өңү же түшү экенин ажырата албай, эси эңгиреген Алия боздогон бойдон кала берди. Бут алдында аруу кыял, үмүт-тилектери кыйрап жатты. «Баары бүттү», - деди ичинен. Максатсыз алдыга кадам шилтеп, машина кеткен тарапты беттей басты. Ойлору чакчелекей түшүп, өзүн-өзү таба албай баратты. Жанына баткан ыза көөдөнүн өрттөп, жүрөгүн эзип жатты. Канчалык өзүн карманбасын

көзүнөн жылжып аккан жаштары токтободу. Ичинен солуктап ыйлаган Алиянын өпкөсү көөп, бар күчү менен буркан-шаркан түшүп кыйкырып ыйлагысы келди. Өзүн зорго кармап, эптеп үйүнө тезирээк жетүүнү ойлоду. Жол тосуп, илең-салаң боло үйүнүн босогосун аттаары менен көзүндөгү каканактаган жашы жарылып, муун-жүнү бошоп кетти. Төр жактагы терезе түбүнө коюлган керебетке көмкөрөсүнөн бүк түшө кулады. Үй ичин жаңырта озондой, Кудайга үнү жетип боздоп жатты. Өзүнүн Азатка алданганына, балалык аруу сезими менен аны сүйүп, ага ишенгенине, ага туш кылган тагдырынын тардыгына, ишке ашпаган куру кыял, аруу тилектеринин кыйраганына, ата-энесинин ак эмгегин актай албай, алардын бетине көө жаап, эми минтип талаада калганына арданып да, ызаланып да ыйлап жатты. Бир убакта ичинин ооруганын сезип, чалкасынан оодарылары менен курсактагы ымыркайы аны тепкилеп жиберди. Ошондо гана ал курсагындагы баласын эстеди.

- Энең курусун балам! - деди курсагын аста сылап. - Бүгүн атаң экөөбүздү таштап кетти. Угуп жатасыңбы, балам... Ал бизди таштап кетти. Анын айткан сөзүн өзүң деле уктуң го? Ал бизди чанып, башкаларга кетти. Биздин эми ага керегибиз жок. Биз жалгыз калдык. Экөөбүз атабызды күтүп жүрсөк, ал бизди эбак эле унутуптур. Кантип айтчы, кантип бизди таштаганга дити барды? Эмнеге мындай кылды?.. Ар кимден тапкан балаңды деп - оозун жыйгыча болбой, ымыркайы дагы тепкиленип калды. - Кайда?.. Кайда шашасың? Бул азаптуу дүйнөнүн эмнесине шашылып жатасың, балам? - деп курсагын кайра сылап кирди. - Жүзү курусун бул дүйнөнүн! Жыргаган ким бар дейсиң? Таттуусунан ачуусу, жыргалынан кууралы, жакшысынан жаманы көп бул дүйнөнүн. Мына, мени карачы! Кең ааламга батпай, кирерге тешик таппай карайлап турам. - Оор үшкүрүнгөн Алия бир топко үнсүз жатты да, кайра баласы менен сүйлөшүп кирди: - Эми кандай жашоо кылабыз? Айлам түгөнүп, аргам кетип турат, балам! Кайда барып баш калкалап, кандай оокат кылабыз? - бир топко үн-сөзү жок солуп жатты. - Мен билем - деди бир убакта эсине келгендей. Сен экөөбүз чогуу кетебиз. Мен сени бул жалган жашоого жалгыз таштабайм. Кечир, мени кечир, балам... Мен сени эми таятаңа, таенеңе да алпара албайм. Аларга кайсы бетим менен барам - деп күбүрөнгөн Алиянын эрксизден

эриндери дирилдеп, аргасыз ачууга, ичин өрттөгөн ызага, баласы экөөнүн башына түшкөн кайгыга чыдабай кайрадан сыздап ыйлады.

Көзү кызара тоодой шишип, ыйдан үнү бүткөн Алия бир топ убакыттан кийин ордунан араң козголду да, чайнектеги суудан чай чыныга мелт-калт куюп ичип жиберди. Ичин сылаган бойдон бөлмөдө ары-бери баса берди. Башына түшкөн сансыз, чакчелекей ойлор биринин артынан бири келип жатты. Алия алардын кайсынысына токтолорун, кандай чечим кабыл аларын билбей турду. Жакшы ойлор менен жаман ойлор карама-каршылашып, өмүр менен өлүмдүн ортосунда тымызын күрөш жүрүп жатты. Бир ой ага "Сен бир аз чыдап койчу, бул күндүн баары артта калып, сенин дагы жүзүңдө күлкү ойногон күндөр келет. Эл эмне десе ошо десин, сен алардын сөзүн укмаксан болуп кой, ал эми ата-эне деген сен кандай болгон күндө да алар ар дайым сен тарапта. Баланды аман-эсен төрөп алсаң, аны көргөндө эле алардын сага болгон таарынычы унутулат. Балаң төрөлгөндөн кийин сен да бардыгын унутасың. Ал улам торолуп көзгө көрүнгөн сайын, сенин болгон кайгы-муңуңду жууп кетет. Анын бир эле күлкүсү сенин миңдеген дартыңа даба болуп, жашоого болгон көз карашың өзгөрөт. Сен кайрадан жашоону сүйүп, турмушка болгон кызыкчылыгың ойгонот. Ошол акмак сен менен ушул ымыркайдын өмүрүнө татыктуубу, айтчы? Кыскасы, кыямат кетпейт, ал сага эмне жамандык кылса кийин анын азабын башкалардан көрөт. Ал балаң экөөңдүн өмүрүңөргө эмес, силердин бир тамчы көз жашыңарга татыктуу эмес. Эсиңдеби? Сен ар дайым майрамдарда же туулган күндөрдө кимге гана каалоо-тилек айтпа ар дайым "Эч бир адам сенин көз жашыңа татыктуу эмес. Ал эми татыктуу адамдар сени эч качан ыйлатпайт" деген кебиң. Эмне үчүн бул каалоо тилекти өзүңө айтпайсың? Эмне үчүн кайдагы бир келесоо үчүн кайран өмүрүңдү кор кыласың? Акылыңды жыйып, бир аз ойлончу! Эмне болуптур турмуштан бир жаңылсаң? "Кыздын чырагы кырк" - дейт. Балким алдыда сени жаркыраган келечек, бактылуу тагдыр күтүп турат. Эң негизгиси жакшылыктан үмүтүңдү үзбө" - десе. Экинчи ой ага таптакыр карама-каршы турду. «Жок, жок! Сен жаңылып жатасың "Жакшылык жууса кетпейт, жамандык кууса кетпейт". Эгер төрөп алып айылга барсаң ата-

энеңдин бетине түбөлүк кара көө жабасың. Канча убакыт өтпөсүн эл ичинде сени "Баланчанын эри жок тууп алган кызы, бузулган кызы" - деп келекелешет. Сен ар дайым алардын астында башың өйдө болбой, басынып жүрүп өтөсүң. Кайда болсо тилиң кыска болуп, аларга сөзүң өтпөйт. Араң турган душмандарыңдын чырагына май таамп, сени шылдыңга алышат. Бир баланын азабынан өмүр бою азаптуу болуп өтөсүң. Балаң төрөлгөн күндө деле ал өмүр бою атасыз корунуп жүрүп өтөт. Ал эртеңки күнү сен аны жарыкчылыкка алып келгендигиң үчүн ырахматын айтпайт. Тескерисинче сенин кетирген кемчилигиң үчүн сени өмүр бою жек көрөт. Чогуу жүргөн балдар аны "атасыз, арсыз жетим" - деп келекелешет. Ошондо жаныңа ыйлап келген балаңды эмне деп сооротуп, аны кантип жоокалатасың? Сага ошондой жашоо керекпи, айтчы? Ал эми убагында сенин арканддан чуркаган жигиттериңди айтпай эле коёюн. Алар сени мыскылдай карап, бир убакта теңиңе албай койгондугуң үчүн, сени табалоодон кандай гана ырахат алышат. Эгер бул азаптын баарынан кутулам десең, анда балаңды жоготушуң керек. Сен азыр жашсың, эртең эле артыңдан ээрчиген суйкайган жигиттердин чекесинен чертип тандап аласың. Азаттан өч алуунун жалгыз жолу ушул. Ал сени башкалар менен жүргөнүңдү көрсө, кызганычтан айласы куруп, кайра сенин артыңдан келери толук мүмкүн. Ошондо сен да аны мыскылдай карап, андан кетпес кегиңди, өлбөс өчүңдү аласың" - Алияга эмнегедир бул ой жага түштү. Суйкая жасанып, келишимдүү жигитти колтуктаган Алиянын маңдайында Азаттын аны жалдырай тиктеп, кечирим сурап жаткан картина көз алдына тартылып өттү. Алия кадимкидей жандана түштү. Ушул учурда чындап эле кандай гана жол менен болбосун, Азаттан өч алгысы келип турду. Өзү анын азабын кандай тартып, зар какшаса аны да ошондой азапка салгысы келди. Ошондо гана көксөөсү сууп, көөдөн өйүгөн күйүтүнөн арылчудай сезилип турду. - "Бирок, баладан кантип кутулам" – деген жаман ой келди башына. - "Эмне кылсам, баланы төрөп биреөлөргө асырап алганга берсемби. Же..." - деп бир топко ойлоно түштү. Башына толуп-ташкан миң түркүн ойлор биринин артынан бири келип, кетип жатты. Кандай айла кыларын билбей башы маң болду. Көз алдынан күндүзү болуп өткөн окуянын картинасы кайра-кайра

- Алия, кандай болгон күндө да, адам баласы бешенесине жазылган тагдырдан эч кайда качып кутула албайт. Мени эле ушул боюнча асмандан түшүп калды дейсиңби? - деп оор үшкүрүнүп койду. Бул үшкүрүк тээтиги тереңден чыккан Алияга тааныш үшкүрүк болуп турду. - Мен дагы сендей жаш болгом - деп андан ары сөзүн улады: - Элибизде: "Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт" деген жакшы кеп бар. Сен мага бир тууган сиңдимдей эле болуп калдың. Сенин азыркы абалыңды көрүп туруп бир убактагы өзүмдү эстедим. Мен да жаштыгымда жаңылышып, тагдырдын оор соккусун жеген жанмын. Болгону мен кетирген каталарды сен кетире көрбө, сиңдим - деп Алияга муңайым көздөрү менен тигиле карап алды да, кайрадан сөзүн улантты: - Сага бул катылган сырды ачууга толук милдеттүүмүн. Анткени, сенин өмүрүң менен кичинекей бейкүнөө наристеңдин өмүрү коркунучта турганын көрүп туруп, мен баарына жөн гана көз жумуп кете албайм. Бул айтыла турган сырымды менин жолдошум гана билет. Бирок, эмнегедир аны азыр сага дагы айткым келип турат. Мен сени андан жакшы сабак алат деген терең үмүттөмүн - деп колдорунун салааларын кайчылаштыра, бир топко ойго туна түштү.

Алия Динар эжени үнсүз тиктеп, анын азыркы көрүнүшүнөн таптакыр тааныбай турду. Маңдайында ар дайым жадырап, шайма-шай жүргөн баякы Динар эмес, таптакыр башка адам турду. Ал азыр кыйла сүрдүү, муңайымдуу, ойлуу эле. Алия Азат менен бирге батирге чыкканда Динардын ушул үйүнө келип киришкен. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Алия Динардын көз алдында болду. Алия күлсө кошо күлүп, ыйласа кошо ыйлаган курбусу Нурзаттан кийинки эң жакын адамы эле. Азаттын акыркы убакта дайынсыз экенин уккандан кийин, батирдин акчасынан дагы кечип койгон. Тескерисинче эки-үч күндө бир келип, Алиядан кабар алып турар эле. Келген сайын балаңа витамин болот деп жер-жемиш, тамак-ашын дагы көтөрө келчү.

- Мен ал учурда жогорку окуу жайлардын биринде окуган студенттердин бири болчумун, - деп кеп баштады Динар. - Ата-энем жакшы кызматтарда иштегендиктен, мага шаардан бир бөлмөлүү квартира сатып беришти. Башында ата-энемден алыстап, аларды сагынганым менен бара-бара шаардын жашоосуна бат эле көнүшүп кеттим. Төртүнчү курска киргенде

ата-энеме айтпастан, бир кафеге админстратор болуп, жумушка орношуп алдым. Жумуш убактысы кеч бүткөндүктөн, үйгө бизди жумушта атайын дайындалган машина менен жеткизип коюшчу. Күндөрдүн биринде адаттагыдай жумуштан кеч чыктым. Бирок бизди жеткизчү машина ремонтто болгондуктан бул күнү такси менен кетүүгө туура келди. Жекшемби күн болгондуктан көчөдөгү катар тизилген таксилердин бири дагы жок экен. Кандай айла кылышымды билбей турганымда, жаныма бир жеңил машина келип токтоп калды. Ичи толтура балдар экенин көргөндө ого бетер оозумдан келмем түштү.

- Чоң кыз, үйүңө жеткизип коёлубу? - дешип, кылжыңдап киришти машинанын ичиндеги топ мастар. Мен аларга эч жооп айтпастан, алдыны көздөй кадам шилтедим. Аңгыча болбой ары жактан кимдир бирөөнүн - "Чоң кыз, такси керекпи?" - деген эркек кишинин сөзү кулагыма угула түштү. Корккондуктанбы айтор, тиги кыйкырган таксисттин үнү чыккан тарапка: "Ооба, такси керек! Байке, мени жеткизип коюңузчу" - деп кыйкырып жибердим. Берки мастардын машинасы ошол замат көздөн кайым болду. Жакшылап карасам жолдун аркы өйүзүндөгү бильярд клубунун алдындагы бактардын жанында бир-эки машина токтоп туруптур. Алардын бири келип жаныма токтоп калды. Мен дароо таксисттен баасын сурадым. Бааны чечишкен соң, машинанын арт жагында кимдир бирөөнүн караанын көрүп калдым. Аңгыча болбой, тигил таксист мен сизди жеткизе албай калдым. Зарыл иштер чыгып калды. Сизди менин досум жеткизип коёт деди да, артындагы баланы түшүрүп, өзү машинасын айдап кетип калды. Аңгыча жанагы бала жеңил машинаны айдап келип жаныма токтоду. Мен машинанын арт жагына отуруп, барар жеримди айттым. Жолдо баратып, бир топко чейин экөөбүз тең үндөбөдүк. Бир убакта тигил бала менин эмнеге түн ортосунда көчөдө жалгыз жүргөнүмдү сурады. Мен ага жумуштан кеч чыкканымды айтып түшүндүрдүм. Ал менин кайда иштээримди жана аты-жөнүмдү сурап, экөөбүз таанышып калдык. Үйүмө улам жакындаган сайын коркунуч азайып, бир аз да болсо өзүмө келе түштүм. Акыры көздөгөн жериме жетип ага акча сунганымда, ал таксист эместигин, жөн гана досу экөө бильярд ойноп жүргөнүн айтып, акчаны алуудан баш тартты. Ошол күндөн баштап ал мени ар дайым жумуштан кеч чыккан күндөрү тосуп алып, үйгө

жеткизип коюуну адатка айлантты. Башында ыңгайсыз болгону менен бара-бара мен да ага аябай көнүп алдым. Барган сайын ал мени жактырып калганын сездим. Бирок мен ага ал каалагандай жооп айта албайт элем. Мен аны болгону жакшы тааныш, досум катары гана кабыл алчумун. Акыры ал менен ачык сүйлөшүп, анын мага экинчи келбей эле коюусун айтайын деп чечтим. Анткени, аны жөн гана үмүткөр кылып, өзүмдүн кызыкчылыгым үчүн гана пайдаланып жаткандай сездим өзүмдү. Бирок, ага бул оюумду айтыш кыйынга турду. Себеби ал абдан боорукер, абдан жакшы адам эле. Анын үстүнө анын жүрөгү оорукчан экенин уккандан кийин мен ага таптакыр эле ооз ача албай калдым. Ага айткан сөзүм оор тийип, анын көңүлүн оорутуп аламбы деп дагы чочуладым, бир эсе аны аядым. Ошентип жүрүп, арадан бир нече убакыт өтүп кетти. Бир жолу ал эки-үч күн келбей калды. Мен кадимкидей сарсанаа болуп, ага бир нерсе болдубу деп чочуладым. Көрсө, ал айылына тойго кетиптир. Кечинде адаттагыдай мени жумуштан тосуп алды. "Мен сага айылдан атайын тойлук ала келдим. Үйгө барып, той ооз тийип кетпейсиңби" - деди. Экөөбүз ары тартышып, бери тартышып акыры үйүнө барууга макул болдум. Ал түнү ошентип аныкында конок болдум. Кыскасы, мен андан кол үзө алганым жок. Тескерисинче барган сайын ага байланып калдым. Менин боорукерлигим барып-барып сүйүүгө айланды. Анын жүрөгүн аяп жүрүп, аны кантип жакшы көрүп калганымды дагы түшүнбөй калдым, - деп оор үшкүргөн Динар Алияны бир сыйра карап өттү да, бир азга унчукпай башын жерге салды.

Алияга Динардын андан аркы окуясы аябай кызык болуп турду. Тынчсыздана капталына оодарылып алды да, Динардын андан аркы сөзүн тыңшап калды.

- Кийин ал иштери боюнча шаардан которулуп айылына кетти. Бирок, экөөбүздүн жолугушуубуз баштагыдай болбосо дагы, убак-убагы менен кезигишип жүрдүк. Ошондой күндөрдүн биринде менин боюмда болуп калганын билдим. "Өлүп көрүптүрмүнбү" - дегендей, мурун кийин бул нерсе башымдан өтпөгөндүктөн, балага эки жарым ай болгондо гана билип жүрбөймүнбү? - деп Динар дагы оор үшкүрүнүп унчукпай калды.



Алия да сөздүн төркүнү каякка баратканын сездиби айтор, Динарды үнсүз тиктеген боюнча кыймылсыз катты. Канчалык окуянын аягын угуу ага кызык болгону менен Динарга суроо узатуудан тартынды. Анткени, Динар үчүн өткөн күндөрүн эстөө ансыз да оор болуп жатканын түшүндү.

- Бул кабарды укканда мен сүйүнөөрүмдү же күйүнөөрүмдү билбей нес болуп калдым, - деп Динар кайрадан сөз учугун улады. Эмне кылып, кимден кеңеш сурашымды билбей башым катты. Болгону жигитимдин келишин чыдамсыздык менен күттүм. Бирок бул күтүү мени азапка салды. Мен аз жерден ойлонуудан жинди болуп кете жаздадым. Акыры ал да келди. Мен ага болгон окуянын чоо-жайын айтканымда алгач ал сүйүнүчтө болду. Мага: - "Көп кабатыр болбо, мен сени жалгыз таштабайм, бул көйгөйдү экөөлөп чогуу чечебиз," - деп жоокалатты. А түгүл "Балабыз кимге окшош болду экен? Сагабы же магабы?" - деп кыялданып кирди. Мен аны балким менин боюмда бар экенин укса таштап кетсе керек деп да ойлогом. Бирок анын айткан сөздөрүн укканда ага туш кылган тагдырыма миң мертебе ыраазы болуп, кубанычым койнума толо түштү. - "Балабыз сага окшош, акылдуу адам болсунчу!" деп жибердим сүйүнгөнүмдөн. Бирок, бул кубанычым көпкө созулбады. Ал сөзүнүн аягында: "Экөөбүздүн тең ата-энебиз бул кабарды укса кандай кабыл алышат? Экөөбүз үйлөнүп алсак деле жакшы болмок. Бирок, ата-энем, бир туугандарым, эмне деп ойлошот? Мени ушул суроо кыйнап жатат. Эл деле кандай кабыл алат? Кийин деле балалуу болсок болот да. Эгер туура көрсөң, баланы боюндан алдырсаң кандай болот?" - деген суроону кабыргасынан койду. Бул сөздү укканымда башымдан ылдый бирөө муздак суу куйгандай бүткөн боюм дүркүрөп кетти. Бут алдымдан жер көчүп, нес болуп отуруп калдым. Анын андан аркы сөздөрүн уккум дагы келген жок. Үйгө келип, Кудайга үнүм жете боздоп ыйладым. Акыры баланы бойдон алдырайын деген чечимге келип, тааныш дарыгерге кайрылдым. Ал эже мага биринчи бойдон алдыруу өтө коркунучтуу экенин, кийин балалуу болууга мүмкүнчүлүгүм болбой калышын айтканда, таптакыр айлам куруп калды. Анын үстүнө меники аборт кылчу мөөнөттөн дагы өтүп кетиптир. Бирок, жасалма төрөт аркылуу баланы алдырууга мүмкүн экенин уктум. Болгон күчүмдү ыйдан чыгарып, бир

жумадай убакыт үйдө камалып жаттым. Мындай күн башыма түшөт деп, үч уктасам түшүмө дагы кирбептир. Кадимкидей аз убакыттын ичинде өңүмдөн азып, алсыздана түштүм. Акыры башыма кандай кыйынчылык түшсө дагы баарын көтөрүп баламдын жанын сактап калайын деген чечимге келдим.

- А сиз ата-энеңизге айттыңыз беле? - деп сурап жиберди Алия. Кыязы өзүнүн көңүлүндөгү суроого жооп алгысы келди окшойт.

- Бул суроо мени көпкө кыйнады. Аларга кантип айтарымды билбей башым катты. Атам бул кабарды укса мени тирүүлөй эле асып таштамак. Ал учурда бул өтө уят иш болчу. Ошентсе дагы баарын тобокелге салууну туура көрдүм да, чет элде жашаган эжем менен кабарлашып, шаардан кетип калайын деп ойлодум. Бул чечимди кабыл алганымдан көп өтпөй эле, жигитимдин жүрөгү ооруп, ооруканага жатып калганын уктум. Мен тымызын даярданууга кириштим. Биринчиден, баламдын жана өзүмдүн ден соолугума кам көрүп, ооруканага анализ тапшырдым. Канымдын аздыгы гана болбосо, бардык анализдерим жакшы чыкты. Бирок, жигитимди да дароо унута албадым. Канчалык ага таарынганым менен аны да ичимден аяп жаттым. Докумменттеримди даярдап, жолума акча чогулта баштадым. Арадан билинип-билинбей бир ай убакыт өтүп кетти. Жигитим болсо шаардык ооруканалардын бирине которулгандан кийин мага келип жолугуп кетти. Мен ага болгон иштин чоо-жайын айттым. Ал менин оюма таптакыр каршы туруп: “Сен баланы кантип жалгыз багып чоңойтосуң? Эгер сен төрөсөң, анда өмүр бою жалгыз каласың. Бөтөн элде бөтөн жерде жалгыз бала багыш оңой-олтоң иш эмес! Сен мени өмүр бою мени жинди кылайын деп турасыңбы? Ансыз деле боюнда бар экенин уккандан бери ойлоно берип жинди болоюн деп калдым. Бир аз алаксып, баарын унутайын деп акыры убактарда ичкиликти да көп ичип кеттим. Акыры минтип жүрөк оорум кармап, ооруканага да жатып калдым” - деди. Мен анын сөздөрүн угуп, тескери карап ыйлагандан башка эч нерсе айта алганым жок. Ичимден мен ага абдан таарындым. Ал менин боюмда бар экенин уккандан кийин, тез эле өзгөрүлдү. Баягы мен көргөн акылдуу, боорукер, жароокер, мен сүйгөн жана мени сүйгөн адам көз алдымда тааныгыс болуп өзгөрүп баратты.



Анын эң негизги проблемасы эптеп баламдан кутулуш болуп турду.

- Билесиңби, эң кыйыны мен ага ичимдеги баланын мен үчүн канчалык маанилүү экенин сөз менен айтып жеткизе алганым жок. Ошондо менин Кудайга жалынганым: - “Жараткан, мен туйган, мен сезген чексиз кубанычты, бакытты ушул адамга дагы туйгузуп койчу. Жок дегенде бир гана мүнөт ал адамды менин ордума алмаштырчы. Ал дагы мен ойлогон ой, мен тилеген тилек менен жашап көрсүн. Курсак ичиндеги ымыркайымдын мага кандай ырахат тартуулап, мени кандай бакытка балкытып жатканын билсин. Аны жоготуу мен үчүн канчалык оор экенин жана аны жоготуу таптакыр мүмкүн эмес экенин түшүнсүн. Менин башымдагы азап-кайгынын баарын өз жон териси менен сезип көрсүн,” - деп жалбарып жаттым. Бирок, Жаратканга канчалык жалынбайын менин тилегим ишке ашпады. Ал мага жакында жүрөгүнөн операция болорун айтып, баланы жөн гана боюмдан алдырып салууну өтүндү. Мен ага боюмдан алдыруу менин ден-соолугум үчүн абдан коркунучтуу экенин, кийин балким менин боюмда болбой калышы мүмкүн экенин дагы айтып көрдүм. Бирок, ал менин сөздөрүмө ишенгиси келбеди. “Эмнеге болбойт? Далайлар эле бойлорунан алдырып, кайра балалуу болуп жатышпайбы? Азыр экөөбүзгө балалуу болчу учур эмес. Менин операциям ийгиликтүү өтсө, кайра эле баарын баштоого мүмкүнчүлүгүбүз бар. Экөөбүз жакшынакай той жасап, үйлөнсөк жакшы болмок. Бул биз үчүн чоң сабак болмок. Кийин сен бир сыйра дарылансаң эле баары жакшы болот,” - деп менин ойлорума каршы турду. Айла жок ары-бери тартышып жатып, акыры жасалма төрөт жолу аркылуу баланы алдырууга макул болдум.

Ооруканага барып, дарыгерлерден кеңеш алган соң, кайрадан анализ тапшыра баштадым. Дарыгерлердин ичинен деле мени ар кандай кабыл алгандары болду. Кээ бирөөлөрү мен үчүн, менин балам үчүн күйүнсө, кээ бирөө эптеп эле акча табуунун аракетин кылып, тызылдагандарын дагы көрдүм. Айрымдары мени жөн эле эзелки эски душманындай жек көргөндөрү болду. Айлам канча, алар эмес кээде мен да өзүмдү-өзүм жек көрүп жүрдүм. Ошондой күндөрдүн биринде менде күтүүсүз бир окуя болуп өттү. Мен адатымча ооруканага келсем

дарыгерим жок болуп чыкты. Аны күтө турайын деп залда ары бери баса баштадым. Бир убакта дубалдын бетине чапталга картинага көзүм түштү. Ал картинада эненин курсагындагы кичинекей балдардын канча айда кандай болуп өзгөрөр тууралуу сүрөтү менен жакшы маалыматтар берилиптир Мисалы, балага эки ай толгондон баштап, анын жүрөгү согу баштайт экен.

- Чын элеби? - деп чочуп кетти Алия.

- Ооба, бала ал убакта 7 – 9 мм чоңоюп калат экен.

- Ал эми үчүнчү айында баланын өсүшү 25 – 30 мм болуп кадимкидей кыймылга келип, колунун чоң бармагын сору баштайт экен. Төртүнчү айында болсо, баланын башынд чачтары пайда болуп, кадимкидей оозун ачат. Бешинчи айда бал сырттагы үндөрдү угат. Ошондой эле баланын уктаганын ж ойгонгонун билүүгө болот экен. Ал эми алтынчы айынд баланын туюу, сезүү органдары пайда болуп, активдү кыймылдап баштайт. Жетинчи айда бала энесинин кабагынын ачык же көңүлсүз экенин билет. Ошондуктан сенин мында азаптанып ыйлаганың балаңа тескери таасирин тийгизет. Се канчалык шайыр, көңүлдүү жүрсөң балаңа да ошончолук жакш болот. Бала эненин курсагында жаткандан баштап тарбияланат Азыр сага болгону ичтеги ымыркайыңды гана ойлошуң керек, деп Алияны күлүмсүрөй карап, анын чекесинен аста сыла койду.

- Бала сегиз айында кандай болуп өзгөрөөрүн айты бериңизчи. Мага абдан кызык болуп жатат, - деп калды Алия Ошондо гана Динар эсине келгендей андан аркы сөзүн улады. Сегиз айында бала караңгы жарыкты кадимкидей айырмала баштайт жана баланын салмагы бул учурда 1500 граммды түзөт Ал эми тогуз айында балаң сенин ичкен тамагыңдын даамы билип, толук кандуу адам болот. Азыр сенин курсактагы бала бардык мүчөсү толук жетилип, жарыкчылыкты көрүүгө ашыгы жаткан учуру. Андыктан, анын жарыкчылыкка аман-эсен келишин Кудайдан тиленип, жакшы даярдык менен балаңды күт Аял кишинин бир бактысы бала төрөп, эне болуу. Билесиңби жашоодо канчалаган аялзаты ушул бакытка жетпей, зарла жүрүшөт. Баламды жалгыз кантип багам? Эмне кылам? - деп башыңды көп эле оорута бербе. Ар бир баланын өз ырыскысы



бар. Элибизде: “Бала төрөлгөндө ырыскысы менен кошо төрөлөт” дешет. Кудайга шүгүр, ата-энең аман, биз аман дегендей. Сага колдон келген жардамыбызды аябайбыз. Андан көрө өзүңдүн, балаңдын ден-соолугун аяп, жаратkандан жакшылыктарды тиле! - деп демейдеги акыл-насаатынан айтып кетти.

Алиянын көңүлү кадимкидей жайдарыланып, өзүнө келе түштү. Колу менен аста ичин сылап, өзүнчө жылмайып алды да, Динарга карап: “Эже сизге ыракмат! Билбейм сиз болбосоңуз мен эмне болмокмун”, - деди аста башын чайкап.

- Эчтеке эмес Алия! Мен дагы турмуштун сыноосунан сынган адаммын. Эң негизгиси, мен жаңылгандай, жашоондо сен жаңылбасаң болду. Калганынын баары өзү менен өзү боло турган нерсе, - деп Динар ойго туна түштү. Күтүүсүз чыккан Алиянын үнү Динарды ойонан алаксытып жиберди.

- Динар эже, жанакы окуяны аягына чейин айтып бериңизчи.

- Аа, мен таптакыр эле темадан алыстай түшкөн турбаймынбы. Сөздүн кыскасын айтканда, мен ооруканадан өзүмдү аябай жаман сезип чыктым. Үйгө келип, көзүм тоодой шишигиче ыйладым. Узинин кагазынан баламдын элесин көрүп алып, ансайын жүрөгүм эзилди. Кадимкидей башы, мурду, кулагы, көздөрү баары ачык көрүнүп турду. Өзгөчө узиге тарткан дарыгердин: - “Сүйүнчү уулду болот экенсиз. Балаңыздын кыймылы эң эле жакшы. Мына азыр башын тырмап жатат”, - деген сөзү кайра-кайра кулагымда жаңырып турду. Бирок эң кызыгы баламдын кыймылын өзүм сезе алганым жок. Ал тууарасында дарыгерге айтканымда: - “Биринчи баланын кыймылын сезүү, энелер үчүн бир аз кыйыныраак. Негизинен бала эрте эле кыймылга келет. Көпчүлүк учурда аны энелер ичеги- карындары гана иштеп, курулдап жаткандай кабыл алышат. Кийин бала катуураак кыймылга келе баштаганда гана баланын кыймылдап жатканын баамдай алышат”, - деди.

Мен дарыгериме көрүнгөн соң, дароо үйгө келдим. Колумдагы узинин кагазын кайра - кайра карай берип, ойлонуудан аз жерден жинди болуп кете жаздадым. Бир убакта диванда ойлонуп жаткан боюнча көзүм илинип кетиптир. Көп уктадымбы же аз уктадымбы билбейм, бир убакта түшүмдөн

чочуп ойгонуп кеттим. Түшүмдө бир жалгыз ээн жолго түшүп алып келатсам алдымда кичинекей бала чыланын ичинде ыйлап жатыптыр. Мен ал баланы колума алайын десем жок болуп кетти. Бир убакта дагы жолдун жээгинде чылада жаткан эки-үч баланы көрдүм. Мен аларды албай кетип калдым. Бир убакта алар мени көздөй ыйлап чуркап келатышты. Кадамымды ылдамдатып баскан сайын алар дагы ылдамдап, улам көбөйүп баратышты. Колдорун мага карай созуп, бирде ыйлашып, бирде каткырышып артымдан жете келишти да мени басып жыгылышты. Мен бакырган бойдон түшүмдөн чочуп ойгондум. Оозум кургап кадимкидей канып катып, суусап калыптырмын. Тура калып чыныга толтура суу куйуп, ичип жибердим да кайра ордума келип жатып калдым. Түшүмдү жакшылыкка же жамандыкка жоруурумду билбей ойлонуп олтурсам, эмнегедир бир нерсе ичимди булкуп кеткен сыяктуу болду. Түшүнүп-түшүнбөй ичиме аста колумду коюп, бир нече убакыт кыймылсыз катып калдым. Жанагы көрүнүш көп өтпөй дагы кайталанды. Ошондо ичимдеги баламдын кыймылдап жатканын сездим. Билесиңби, менин ошондо кандай кубанганымды. Жүрөгүм кадимкидей түрсүлдөп согуп, көңүлүм кубанычка толуп-ташып кетти. Мен жашоомдо болуп жаткан кайгы-капанын баарын заматта унутуп койдум. Колум менен ичимди сылап балам менен таанышып кирдим. Ал дагы мага жооп бергенсип, булк-булк этип улам кыймылдап жатты. Мен ошондо баламдан эми айрыла албасымды түшүндүм. Ошол күндөн баштап, курсагымдагы ымыркайымдын ар бир кыймылын сезип, аны менен бирге жашап баштадым. Бирок жигитим өз оюнан кайткан жок. Мен ага баламдын кандай кыймылдап жатканын, беш айында баланын сырттагы үндөрдү угуп, кадимкидей адам болуп калаарын дагы айттым. Ал мага эч нерсе укпагандай гана түр көрсөтүп: "Эми дагы эмнелерди ойлоп таптың, менин ахыбалымды көрүп туруп баланы жөн гана алдырып таштасаң болот эле го", - деп кайра өзүмө атырылды. Ошондо кадимкидей жиним кайнап: "Баламдан сен баш тартсаң баш тарт. Бирок мен баламды өлтүрө албайм! Сен кандай түшүнбөйсүң? Менин жүрөгүмдүн алдында жүрөк согуп, курсагымда экөөбүздүн бейкүнөө наристебиз жатат. Балабызда эмне күнөө? Сен деги мени эмнеге түртүп жатканыңды түшүнүп жатасыңбы? Мен тирүүлөй өз баламды өзүм өлтүрө албайм! Эгер



мени таштагың келсе, баланын жоопкерчилигинен качып жатсаң туш тарабың кыбыла, каалаган жагыңа кете бер! Мен сага баламды таңуулабайм. Сага баламдын жашоосунан дагы өзүңдүн, ата-эне, бир туугандарыңдын намысы бийик болуп жатса, анда колуң бош! Экинчи мен сенин тынчыңды албайм!" - деп кыйкырдым. Өз ичимден аябай ызаланып, жигитимди ушундай жек көрдүм. Эмне кылар айламды таппай үйгө келип, башымды жарган чакчелекей ойлордон аз жерден жинди болуп кете жаздадым. Буулугуп ыйлап, болгон күчүмдү көз жашымдан чыгардым. Бир оюмда баламды эптеп ажалдан арачалап калуу болсо, бир жагында "куру намыс" өз салмагын басып турду. Көпкө ойлонуп акыры баланы боюмдан алдырайын деген чечимге келдим. Жигитимдин суудан кургак чыгып жатканы да мени күйүндүрдү. "Бул менин эле балам эмес, керек болсо анын дагы баласы. Ага кереги жок баланын мага дагы кереги жок", - деп кекендирген ой келди башыма.

Ошентип көп өтпөй баламды жасалма төрөт менен бойдон алдырчу күн дагы келди. Мен кайрадан анализ тапшырып, дарыгериме барганымда ал мага анализимдин эң начар чыкканын айтты: "Кан басымың абдан төмөндөп кетиптир. Мындай абалың менен баланы алдырсаң, ден соолугуңа чоң залакасы тиет", - деп эскертти дарыгер. Мен болсо өмүрүмдөн дагы кечип койгондой: "Эмне болсо, ошол болсунчу. Ажалым жетсе, өлсө өлүп деле калармын. Минтип азап тартканча өлүп калганым деле артык", - деп койдум ичимден. Дарыгер мени палатага алып келип киргизди. Мен эмнегедир ал жакта чоң аялдар жатса керек деп ойлогом. Бирок ичке кирип, жалаң жапжаш кыздардын жатканын көрүп, эсим ооп калды. Төрдөгү бош орундукка келип, кийим кечектеримди коюштуруп жатып, кадимкидей коркуу сезими пайда болду. Кайра жыйналып, үйдү көздөй кетип калгым келди. Керебетке олтуруп, мени тиктеп калган маңдайымдагы кызга суроо узаттым:

- Сен дагы балаңды алдырганы келдиңби?

- Ооба, - деди тиги кыз аста башын ийкеп. Аңгыча ал кыздын тушундагы ылдыйкы керебетте жаткан кара тору келген кыз шыпылдап сөзгө аралашты.

- Эже коркпой эле коюңуз. Бул жакта баардыгыбыздын эле көйгөйүбүз бир. Биз деле жаңы келгенде сиз сыяктуу коркконбуз.

Азыр көнүп калдык. Бүгүн балаңызды уулaндырышса, эртең эле ушул учурда көйгөйүңүздөн арылып каласыз. Мүмкүн эртең эле кайра үйүңүзгө чыгып кетесиз.

- Кандайча, мага бүгүн эле дары сайышабы? - деп чочуп кеттим.

- Эже, дары сайышпайт. Ичиңизге туздуу суудан куюп баланы уулaндырашат.

- Эмне? - деп уккан кулагыма ишенбей дагы чочудум.

- Мен азыр эле сиздин алдыңызда келгем. Дароо эле баламды уулaндырып салышты. Эртең буюрса, сиз экөөбүз чогуу төрөйбүз. Жаңы эле сиздин алдыңызда экөө чыгып кетишти. Бирөөсү сиздин ордуңузда жаткан. Бирок ал эженин төрөтү аябай кыйын болуптур. Түнү менен толготуп, түштөрдө араң төрөптүр. Төрөгөндөн кийин эки саатка жеткизбей үйүнө чыгарып жиберишиптир. Экинчиси болсо кечинде эле төрөптүр. Ал эртең менен чыкты. Бүгүн тигил кыздын кезеги, - деп менин ылдый жагымда керебетте уктап жаткан кызды ээк жаңсап көрсөттү.

Мен уккан кулагыма ишенбей, кайсы бир жиндиканага түшүп калгандай сезип кеттим өзүмдү. "Жок, жо-ок! Мен бул жакта кала албайм", - деп баштыктарымды кайрадан жыйыштырып баштадым. Эшикке чуркап чыгып, келесоо немедей ары-бери басып, ыйлап кирдим. Оюмдун баары баламды кантип аман-эсен алып калуу болду. Айлам кетип, жигитимдин чөнтөк телефонуна чалдым. Ага эмнелерди айтканымды деле толук билбейм. Бир укканым: "Сен каяктасың? Мен азыр ошол жакка барайын, анан сүйлөшөлүчү калганын", - деди. Көңүлүмдө үмүттүн шооласы жангандай, көптөн бери мен жоготкон жакын адамым табылгандай сүйүнүп кеттим. Бир нече мүнөттөрдөн кийин эле жигитим машинасы менен жетип келди. Машинасына түшкөнүмдө ал азыр өзүнүн ооруканадан келатканын, эки күндөн кийин жүрөгүнөн операция болорун айтып, колума жүрөктүн сүрөтү түшкөн, анализ кагаздарын бирден карматты. Мен туралуу эч нерсе сураган дагы жок. Анысы аз келгенсип: "Бүгүн бир киши операциядан кийин өлүп калды. Бирөөнү болсо, операция кылдык деп жүрөгүн ачып, карап кайра жаап коюшуптур. Азыр ата-энем жакшы дарыгер издеп жатышат", - деп өзү тууралуу көп нерселерди айтып берип жатты. Бирөө башка чапкан немедей демим сууп, тил ооздон калдым.



Жигитиме айтайын дегем өтүнүчүм, көп сөзүм айтылбай ичимден солуктап ыйлап жаттым. Бир убакта анын колун алып курсагымдын үстүнө коюп: "Балаңа айта турган сөзүң болсо айтып, жок дегенде өз ичиңден андан кечирим сурап койчу", - дедим. Менин болсо ичим куйкаланып, күйүтүм көөдөнүмдү өрттөп баратты. Өзүмдү эптеп араңдан зорго кармап, машинадан түшүп кеткенче шаштым. Түшүп жатып: "Баладан кам санабай эле кой. Көп ойлонуп жүрөгүңдү оорутпа! Өзүңө жакшы кара!" - деп сыр билгизбей, машинадан түшүп кеттим. Ооркананы беттей басканымда ээ жаа бербеген көз жаштарым жаак ылдый агып кетти. Кадимкидей ээндикти самап, бардык үнүмдүн жетишинче өкүрүп-бакырып ыйлагым келди. Айлам жок ичимди кармап, балам менен коштошуп жаттым. Бул менин жашоомдогу эң азаптуу, эң армандуу учурум болду. Мен акыркы ирет жарыкчылыкты көрүп жаткандай абадан кере-кере жутуп, ооруканага кирдим. Дарыгерлер дароо эле мени дарылоочу бөлмөсүнө алып барып, баламды уулaндырышты. Палатама эптеп жетип керебетиме куладым. Дал ушул учурда балам бир-эки кыймылга келди да, ошону менен жымжырт болду, - деп оор үшкүрүнгөн Динардын көзүнө жаш тегеренип кетти.

Бул көрүнүш Алиянын да зээнин кейитип жиберди. Ал эмне дээрин билбей өйдө козголуп, Динардын колун кармаганда ал чочуган немедей: "Жок, жок! Сен ордуңдан козголбой эле кой! Мен жөн гана жашып кетпедимби", - деп көзүнүн кычыгындагы жашты сүртүп калды. Ортону бир топко жымжырттык ээледи.

- Эртеси күнү түш оогондон кийин менин толгоом башталды. Алгач көп оорутпаганы менен бара-бара оорум күчөгөндөн күчөп баратты. Түнү менен мага катарлаш жаткан кыз дагы толготуп, баарыбыз уктабай чыккандыктан, жаным кадимкидей жер тартып, бат эле шайым кетип калды. Таң атканча кирпик какпай, Кудайга үнүм жетти. Акыры эртең менен баламдын өлүү денеси жерге түштү. Дарыгерлер өздөрүнүн жумушун бүтүргөндөн соң, бирөөсү баланын денеси оролгон кездемени колума карматып, таштанды салган челекке салып кел деп жөнөттү. Менин эсим эңиреп, эки кадам аттаганымдан кийин көзүм караңгылап жерди көздөй кулап бараттым. Көзүмдү ачсам палатамда жатыптырмын...

- Эсине келди, эсине келди! Капельницаны алып келгиле! - деп маңдайымдагы дарыгер кимдир бирөөлөргө кыйкырып калды.

- Бизди аябай коркуттуң го! Эми өзүңө келип калдыңбы? Башың ооруган жокпу? - деген дарыгер колдорумду ушалап, ийне саюуга камдап жатты. Бүткөн боюм жанчылып, тирүүнүн өлүгү болуп, бир ооз сөз айтканга алым келбей, үнсүз жаттым. Бир убакта эсиме келгендей дарыгерден: - Эже баламдын өлүгүн өзүм менен ала кетсем болобу? - деп сурадым. Тигил дарыгер мени жөөлүп жатабы дегендей, алаканын чекеме басып көрдү да: - Чок кыз, сен азыр биринчи өзүңдүн ден соолугуңду ойло. Жашоо бүгүнкү күн менен эле токтоп калбайт! Сен азыр жашсың, келечегиң али алдыда, - деп суроомо жооп кылбастан мага кеңеш айтып кирди. Колума дары тамчылаткычынын ийнесин акырын сайып киргизди да, желим чаптагыч менен анын үстүн бекитип койду. Менин оюмдун баары балам кайсы таштанды челекте калды? Эмнеге аны таштандыга ташташты? Өлүү балдардын денесинин баарын таштандыга ташташабы? Кантип? Эмнеге? Аларды жерге көмгөнгө болбойбу? - деген суроо жан дүйнөмдү эзип жатты. Тирүү адам туруп, бейкүнөө наристемдин өмүрүн сактай албай, өз баламды өзүм өлтүрүп, өлүгүн таштандыга таштаткан өзүмө ичимден наалат айтып жаттым. Көзүмдөн жашым кургабай, болгон күчүмдү ыйдан чыгардым. Бир убакта жанымда жаткан кыз:

- Эже, болду ыйлабаңызчы? Сиздин курсагыңыз аябай ачты го, чай даярдап берейинби? - деп сурады. Мен башымды чайкап, унчукпадым.

- Сизге ачка жатканга болбойт. Дарыгерлер сизден абдан көп кан кетти деп айтышты. Эс учуңузду жоготуп жатып калганыңызда, дарыгерлер сизди араң эс алдырышты. Азыр дагы ыйласаңыз алыңыз кетип калат. Андан көрө балаңызды ойлобой, башка жакшы нерселерди ойлоп алаксысаңыз. Билесизби, менин эжем деле жигити менен сүйлөшүп жүргөндө боюнда болуп калып, ушундай жасалма төрөт жолу менен баласын алдырып таштаптыр. Кийин жигити экөө үйлөнүшүп, азыр Кудайга шүгүр эки балалуу болушуп, бактылуу эле жашап жатышат. Мени бул жерге ошол эжем алып келди. Мен жаңы эле турмушка чыгып, кайра ажырашып кеттим. Жигитиме өчөшүп, анын досуна

турмушка чыгып алсам, экөөбүздүн жашообуз болбой калды. Ажырашкандан кийин боюмда бар экенин билдим. Эжеме айтсам: - "Өмүр бою баландын айынан жалгыз калмак белең. Кийин кайра турмушка чыгып, үй-бүлө курушуң керек. Азыр төрөп алып, баланды жалгыз кантип багасың", - деп койду. Күйөөм менин боюмдан алдырганы ооруканага жатканымды угуп калыптыр. Эң жакын курбу кызым баарын билчү. Сыягы, мени ошол сатып койгон окшойт. Жаңы телефон номеримди дагы таап алыптыр. Эртеден бери эле тынчымды алып чалып жатат. Ага эми эмне деп айтарымды дагы билбейм, - деп өзүнчө кейип койду.

- Баланды алдырганыңа өкүнбөйсүңбү? - деп сурап жибердим ал кыздан.

- Ачыгын айтканда, өкүнүп калдым. Айрыкча бүгүн күйөөм чалгандан баштап. Күйөөм деле жаман бала эмес болчу. Кайненем экөөбүз көп келише албай койдук. Анысы аз келгенсип, мурунку жигитимди дагы унута албай кыйналдым. Күйөөм мени жакшы көрөт, бирок мен аны сүйө алган жокмун. Балким балалуу болгондон кийин баары өзгөрүлмөк беле, билбейм. Айтор, эми болору болду, боёсу канды. Андан көрө өзүңүз туралуу айтып бериңизчи, сиз турмушка чыккансызбы? - деп сурап калды.

- Мен дагы адатымча үнсүз баш чайкадым.

- Жигитиңиз баладан баш тартып койдубу? - деп дагы күтүүсүз суроо ыргытты тигил кыз мага . Мен дароо жооп таба албай, бир топко мукактанып туруп калдым.

- Андай деле эмес, азыр баланы төрөгөнгө экөөбүздүн тең шартыбыз туура келбей калды. Ал дагы азыр оорукана жатат. Эртең жүрөгүнөн операция болот. Болбосо, жакшынакай эле үйлөнүп-жайланып, балалуу болмокпуз, - дедим.

- Сизден дарыгерлер канча акча алды? - деп сөздү башка нукка бурду.

- Мен комиссиядан өткөнүмдө, бул жакка эч кандай акча төлөбөйсүң, бардыгы бекер болот, болгону дарынын гана акчасын төлөйсүң дешкен.

- Кандайча? Сиз комиссиядан өтүп келдиңизби?

- Ооба, алар мени үчүнчү жума дегенде араң бул жакка жөнөтүштү. Ага чейин анализдерди тапшырып, бир сыйр дарыландым.

- Кызык, эжем башкы дарыгер менен сүйлөшүп, ага он беш миң сом берди. Бирок мен эч кандай комиссиядан өткөнүм жок. Бул жакка жаткандын баары эле он миңден өйдө дарыгерлерге акча беришиптир, - деди.

Көрсө, ал жакта комиссиянын текшерүүсүнөн өтүп келгендер чанда гана болот экен. Дарыгерлер жанагыдай чоң акчага кардарларды кабыл алышып, жашыруун жасалма төрөттөрдү көп кылышат экен. Жанымдагы жаткан жаш кыздардын баары жашыруун кардар катары келишиптир. Орто эсеп менен алганда ал жерде күнүнө үч-төрт бейкүнөө наристенин жаны кыйылат экен.

- Динар эже, чын эле ушундай да болобу? Ал жактагы өлгөн балдарды дарыгерлер эмне кылышат?

- Анысын билген жокмун. Мен ооруканадан чыгарымда башкы дарыгерге кайрылып, баламдын өлүгүн ала кетүүнү сурансам, андай кылууга таптакыр болбостугун айтты. Дарыгердин айтуусуна караганда аларды атайын бөлүнгөн жерге алып барып сөөгүн жашырышат экен.

- А сиз балаңызды эмне кылайын деп ойлодуңуз эле?

- Баламды алып барып, жок дегенде өз колум менен жер казып көмөйүн дегем. Бирок тилекке каршы баламдын сөөгү ошол жакта калып калды. Айтор, сөздүн кыскасын айтканда менин башымдан ушундай оор тагдыр өткөн.

- Жигититиңизге эмнеге турмушка чыккан жоксуз?

- Жигитимеби… - деп бир топко үнсүз турган Динар Алияга карап, аста мыйыгынан күлдү да: - Жигитим мени таштап кеткен - деди. Алия нес болгон немедей үнсүз катып калды. Динар эжесинин көздөрүндөгү кылгырган жашты көрүп, зээни кейиди.

- Ошондуктан синдим башка эч нерсени ойлобой, мобул курсактагы кичинекейиңди ойло! Сени таштап кеткен акмак алдагы ымыркайыңдын бир тал чачына, сенин бир томолок жашыңа арзыбайт. Бир акмак үчүн бейкүнөө наристемдин өмүрүн кечип, мен эмне таптым? Тапкан пайдам, өмүр бою арылбас арманда калдым. Айбан жасабас арам иш кылып тирүүлүктүн тозок отунда күйүп келатам. Ооруканадан



чыккандан кийин, бир жумага жетпей кайра ооруканага жатып калдым. Түнкүсүн уйкум качып, ар кандай коркунучтуу түштөр тынчымды алып, психикалык жактан катуу жабыркадым. Алардын бирин дагы жигитиме айтпай, өз азабымды өзүм тартып, аны аядым. Акыры эч жигин билгизбей ал жок болуп кетти. Боорукер адамга айла жок тура. Дайыны чыкпай калганынан дагы жүрөк оорусу кармап калдыбы? - деп аны издегенимди кантесиң. Көрсө, анын мага болгон оо эбак эле арам тура. Мага берген даректери боюнча иштеген жерине барсам, ал жакта эч качан иштебеген киши болуп чыкты. Эң акыры уюлдук телефонунун номерин өчүрүп, таптакыр дайынсыз жоголду. Жок дегенде бир ооз жарытылуу сөз айтканга дагы жараган жок. Ушул күнгө чейин анын өлүү же тирүү экенин дагы билбей келем. Өкүнгөнүм анын тилине кирип, өз колум менен баламды ажалга салып бергеним. Эмнеге ошондо коркоктук кылдым билбейм. Жок дегенде ага жолукпай туруп эле, баламды алып чет жака чыгып кетсем деле болмок экен. Эне катары мен баламдын жашоосу үчүн күрөшө алган жокмун. Кудайга шүгүр, жолдошум өзүң көргөндөй адамкерчиликтүү жакшы адам. Очор-бачар болуп, үч баламдын бактылуу энесимин. Бирок, өлгөн баламдын астында ат көтөргүс күнөөм калды. Кандай гана бактылуу болбоюн, жүрөгүмдө өмүр бою өчпөй турган так калды. Ушул күнгө чейин бассам-турсам жан дүйнөмдү жоопсуз суроолор эзип келет. Эмнеге ал мени алдап кетти? Кайсы кылган күнөөм үчүн мени мынчалык жазалады? Мен корккондой баламдын убалынан ал корккон жокпу? Ал эмнеге мен аны аягандай, мени аяп койгон жок? - деген сыяктуу ойлордун туткунунда бүгүнкү күнгө чейин жашап келем.

- Динар эже!

- Ии, эмне болду?

- Мен сизге бир суроо берейинби?

- Угуп жатам синдим, эмне сурооң болсо тартынбай эле бере бер.

- Эгер сиз ага күтүүсүз жерден жолугуп калсаңыз эмне дейт элеңиз?

- Мен ага болгону бир гана суроо берет болчумун.

- Кандай суроо?

- Эмнеге мындай кылдың? - деген. Балким, суроо де бермек эмесмин.

- Эмнеге?

- Анткени анын көздөрүнө бир карап алсам эле, мага ош жетиштүү болмок. Болгон суроомо ошол көз караштан эле жо алмакмын.

- Сиз аны азыр жек көрөсүзбү?

Динар башын жерге салып аста күлүп койду.

- Мен аны башында канчалык жакшы көрсөм, кий ошончолук жек көргөн убагым болгон. Бирок азыр тескерисин аны аяйм.

- Кызык, эмнеге аяйсыз?

- Билесиңби, андагы коркоктук, алсыздык, чечкинсизди алдамчылык сапат биздин балабыздын өмүрүнө балта чапт Эгер ал бир аз гана кайраттуу, чечкиндүү, чынчыл болгону балам аман калмак. Ал ушул жаман сапаттарга каршы ту албаган бир байкуш! Мындай адам бир келген жашоосунда өм бою алсыз жүрүп өтөт. Эгер ал чыныгы эркек болгонунда ж дегенде бир жолу менден кабар алып, кылган кемчилиги үчү бир ооз кечирим сурайт эле го. Мейли кечирим сурабаса даг бир жолу телефон чалып, жок дегенде адамча коштошкон кудурети жетет эле да, чынбы? Ал болсо бужүрөп, дайыны билгизбей качып жок болду. Азыр ойлоп көрсөм, мен ал учур өзүмдү деле ойлоп койбоптурмун. Эсимден кетпеге машинанын ичинен балам менен анын өмүрүн тандай алба кыйналганым. Тигинин оозунан: “Жүрөк оорусунан бир киш каза болуп калды”, - деген сөзүн уккандан кийин эле, ме баламды экинчи орунга коюп, аны ойлоп жүрбөймүнбү. Муну мындай акмак экенин билгенимде, жаныма жакын жолотпой ал качат элем го! Ошондуктан, сенин бүгүнкү Азатка жолугу калганыңды жакшылыкка жоруп, баланың аман-эсе жарыкчылыкка келишин тиле! “Битке теңелип көйнөгүңдү отк салба” деген кеп бар. Азатка өчөшөм деп, балаңа өз залаканд тийгизип алба, макулбу? - деп аста эңкейип, Алиянын чекесин өөп койду.

- Динар эже, менин коркконум эле, атам укса эмне дейт? деген ой болуп жатат. Төрөп алып, айылга барсам эл даг чуулдап чыгат го.



- Алия, мага карачы. Мен сага бир жакшы анекдот айтып берейинби?

- Ооба, - деп Алия башын ийкеп жиберди.

- Илгери бир карган абышка небересине эшекти жетелетип, өзү эшекке минип жолдо келатса, алдынан чыккандар: “Өзү сакалдуу эле киши экен, кымындай балага эшекти жетелетип өзү минип алганы эмнеси ”, - дешет. Абышка уялганынан эшектен түшүп, небересин мингизет. Алдынан кезиккендер: “Карасаң тиги баланы, карган атасына эшекти жетелетип, өзү минип алганын”, - дешет. Ошондо бала да эшектен түшүп, экөө эшекти жетелеп жөө келатса, алдынан чыккандар: “Буларды карасаң, эшекти минип алгандын ордуна аны жетелеп алгандарын”, - дешкен экен алдынан чыккандар. Сен эл үчүн жашап жаттың беле? Сен биринчиден башкалар үчүн эмес, өзүң үчүн жашаганды үйрөн! Адамдар ар дайым бирөөлөрдүн сөзү үчүн жашап жүрүп, өздөрүн таптакыр унутуп калышат. Ал эми өмүр деген кыска жана бирөө гана. Бүгүн баарына көз жумуп, бир аз чыдап койсоң, эртең муңун баары унутулат. Сени бүгүн табалап, кеп кылгандар эртеңки сенин кайсы бир жакшылыктарыңда күлө сүйлөп, калп жагалдана чыга келишет. Сен тескерисинче кайраттуу болуп, баарын жеңе билгенге үйрөн. Мына коркоктук кылам деп мен эле эмне болдум. Убагында бир аз кыйынчылыкка моюн сунуп койсом, азыр баары башкача болот эле го. Менин жон теримди кийип калбайын десең, элди ойлогонду коюп, өз балаңды ойло! Ал эми атаң үчүн сен кандай гана болбо, анын жамандыкка кыйбас баласысың. Башында таарынганы менен саналуу убакыттан кийин бардыгы унутулат. Алар деле сенин балаңды көргөндө, өздөрүнөн өздөрү жибип кетишпейби, - деп Алияны карап күлүп койду.

Алия эми гана өзүнө келгендей, жагымдуу жылмайып, колун созо Динарды кучактап калды.

- Сиз менин баламды өлүмдөн арачалаган “умай энесиз”. Мен Сиздин бул кылган жакшылыктарыңызды эч качан унутпайм! Мен сизге түбөлүккө ыраазымын!

Динарды узаткандан кийин Алия керебетине келип жатып, көзү илинип кетиптир. Бир убакта «таре» этип эшиктен чыккан үн Алиянын уйкусун умачтай ачты. Көзүн ачып-жумганча болбой, мандайында Азаттын элеси турду.

- Эмне селейесиң? Же мени биринчи жолу көрү жатасыңбы? - деп Алияга атырылып бир тийди.

- Эмнеге келдиң?

- А эмне келсем болбойбу? Балаңа же башка ата та калдыңбы?

- Азат, оозуңа карап сүйлө!

- Ыя, де! Болбосо эмне кылып аласың? Түштө эле мен бутумдан кучактап, боздоп жаткан жан эмес белең! Эми керег жок болуп калдыбы? Коркпой эле кой, мен сенин экин тынчыңды албайм. Бетибиз деги ачылды. Менин сенден бөле бир тууган аялым бар экенин деги өз көзүң менен көрдү Болгону ар кайсы бурчтан чыга калып, мени аңдыганынд токтот!

- Сени ушунча жүрүп, мынчалык карасантай адам экениң билбептирмин. Сага Кудайдан гана жетсин, башка айтар сөз жок!

- Болду, болду! Токтот каргап-шилегениңди! Андан ке келе кийим-кечектеримди даярдап бер! - деп Алияга буйрук бе сүйлөдү.

- Дагы эмне кылайын!? Сенин кийимиңди даярдагыдай ме катының эмесмин! Керек болсо, өзүң камдап ал! - деп теске бурулду.

- "Катының эмесмин" - деп коёт дагы. Ушул сөздү жа аялымдын көзүнчө эмнеге айткан жоксуң. Кылгылыкты кыл кыл жип менен бууп туруп, түштөн кийин "ак жүрөк" бол калганын.

- Ак жүрөк анаң сенсиңби? Кайсы бетиң менен уялба босогону аттап кирдиң? Өмүрүмдө сендей жексур адамд биринчи көрүшүм. Кайсы каргашалуу күнү сага жолуктум экен Сага Кудайдан гана жетсин!

- Эй, эн-нең! Дагы баштадыңбы?

- Энеме асылба, сендей адам оозго алчу адам эмес мени энем!

- Капырай де, анда алтындай энеңдин жанына барбай, бу жакта темселеп эмне жүрөсүң!

Азаттын бул сөзү Алиянын жөн эле сай сөөгүн сыздаты кетти. Жанында адам эмес эле жети баштуу айбан тургандай сезилди ага. "Ушул адамды кантип сүйүп, кантип бирг



жашадым? Мынчалык кара ниет, таш боор адам экенин башта эмнеге сезбедим экен?" - деген суроо келип, ойго туна түштү. Ишенип-ишенбей, Азатты дагы бир жолу карап өттү да: "Шумдук! Адам дегениң ушунчалык өзгөрүлмө затпы? Бул эмнеге мынчалык өзгөргөн?" - деп аны кыймылсыз, үн катпай тиктеп калды. Көздөрү бир кездеги өзүнүн Азатын издеп жатты. Бир караганда баары эле баягыдай!

- Эй, сага талыма тийдиби? Ылдамыраак менин оокаттарымды даярдап бербейсиңби? - деген Азаттын көздөрүнө Алиянын көздөрү чагылыша түштү. Эмнегедир жан дүйнөсү ичиркенип кетти. Ошол замат бир убактагы агайынын сөзү эсине түштү.

Шаарга окууга жаңы тапшырып келгенде бир агайы сабак өтүп жатып мындай деди эле: "Аа-а балдарым! Силер азыр көп нерсени биле элек сары ооз балапансыңар. Баарыңардын көздөрүңөрдү карачы, эч кандай арамдык жок эң таза, ааруулуктун оту жанган бажырайган көздөр. Ушул көздөр дал ушул бойдон калганында, анда баары башкача болбойт беле. Бирок андай эмес, мындан беш жыл өткөндө кийин бул көздөр турмуштун агымына жараша ар түрдүү болуп өзгөрөт, - деп оор үшкүргөн. Көрсө, "Көз адамдын жан дүйнөсүнүн күзгүсү" деп байыркы акылмандар бекер айтышпаган тура. Агайы айткандай, бул көздөр ушунча жылдын ичинде эмнелерди гана көрбөдү, кандай гана өзгөрбөдү. Баягы аруулуктун нуру жанган баёо көздөр эми жок. Ал көздөр азыр ар бирин байкап, кээде аңдып, кээде кууланып, кээде алдап карайт. Азыр да Алиянын көздөрү, Азаттын көздөрүн ушунчалык кыраакылык менен карап өттү. Баягы бир кездеги Алия көргөн: сүйүү толгон кумарлуу көздөр азыр аны заар чача теше тиктеди.

- Сен деги эс акылыңдан адашкандан соосуңбу? Эмне эле мени киши көрбөгөндөй жалдырап тиктейсиң? Мен сага эртеден бери кийимдеримди даярдап бер деп жатпаймынбы? Же кулагың укпай, дүлөй болуп калгансыңбы?

Алия эми эч сөз айтпастан темтеңдей басып, керебетинин астындагы Азаттын чемоданын зорго сууруп чыкты. Сандыктагы жыйылган жүккө келип, пальтосун издеди. Анысы дагы жүктүн эң алдында калыптыр. Азатка: "Пальтонду тартып алчы!" - деп айтууга оозун камдап барып, кайра ооз ачкысы келбеди. Оюнда

өзү эле эптеп, сууруп чыгууну ойлонду. Жуктүн бирде ары жагына, бирде бери жагына чыгып жатып, пальтону күч менен сууруп алды да чалкасынан жерге "күп" деп кулады. Көзүнөн кадимкидей от чагылып, ичи түйүлө түштү. Оозун кырча тиштеп, ордунан козголоюн дегенде ичи дагы түйүлүп ооруду.

- Азат! Азат! - деп, жаны кыйналган Алия кыйкырып жиберди.

- Эмне жаткан жериңден тура албай калдың беле? Калп эле анткорлонбой, келе пальтомду бери бер! Жерге жата калып оонаган жаман адат таап алыпсың деле! - деп Алиянын колунан пальтосун жулуп алды да, чемоданын көтөрүп эшикти көздөй бет алды.

- Азат, суранам! Жок дегенде тез жардам чакырып берип койчу! - деген Алиянын сөзү анын кулагына дагы кирбеди. Олтурган ордунан араң козголгон Алия турары менен бут ылдый аралап ысык нерсе жүрүп кетти. Көзү тунарып эптеп керебетине жетерде ичи дагы түйүлдү. Жаны көзүнө көрүнгөн Алия бүк түшө жерге кулады. Эмне кылар айласын таппай, чабалактап бир топко жатты. Барган сайын оозу кургап, каны катып баратты. Керебеттин үстүндөгү телефонго эптеп сойлоп жетти да, дароо эле Нурзаттын номерин издеди. Көзү карайлап жатып, эптеп анын номерин басканга жетишти да эс-учунан танды.

Алия эсине келгенде ооруканада жатыптыр. Мурдуна саңырсыган дарынын жыты келип, каңылжаарын жарып кеткендей болду. Көзүн ачып аны тегеректеген дарыгерлерди карады.

- Болду, болду! Көзүн ачты!

- Ылдамыраак төрөткө даярдагыла! Дароо операция кылбасак болбойт. Кан аябай көп кетип калыптыр.

- Өзүнүн деле төрөгөнгө алы жетчүдөй эмес - деген сөздөр кулагына угулуп жатты.

Алия эси эңгиреп, кайра көзүн жумду. Эмнегедир көңүлү караңгылап, жүрөгү айланып кетти. Аны тегеректеген дарыгерлердин карааны гана тынымсыз кыймылдап жатты. Көп өтпөй эле, баланын ыңаалаган үнү угулду. Алиянын жүрөгү түрсүл согуп баласы аман-эсен төрөлгөнүнө кубанды. Көзүн ачып аны көргөнгө ашыкты. Бирок бул кубаныч көпкө созулбады. Арадан 10 – 15 мүнөт өтпөй, баласы чарчап калды. Дарыгерлер

аны энесинин курсагындагы учурда катуу жабыркаган деген жыйынтык чыгарышты.

Алия өлүү эмес, же тирүү эмес эки күн палатада жатты. Жанында баягы эле чабалактап, курбу кызы Нурзат жүрдү. Ал колунан келишинче Алиянын көңүлүн ачканга аракет кылып, жан аракетке түшүп жүрдү. Бирок Алиянын көздөрүнөн аккан жашы кургабай, баласынын үнү кулагында жаңырып турду. Экинчи күнү кечинде Нурзат үйүнө кеткенден кийин Алия аба жутканы эшикке чыкты. Сыртта жамгыр жаап жатыптыр. Алия жаап жаткан жамгырга жүзүн тосуп, көпкө турду. Эмнегедир кайрылып, ооруканага киргиси келбей ээндикти самады. Жинди немедей халатчан оорукананын короосунан чыгып, көчө жээктеп кете берди. Көз алдына жашоосунун ар бир үзүмү бирден тартылып, муңкана ыйлап баратты. Акыры ушул жерге келип көчүк басты.

Бутун чалыштата ордунан араң козголгон Алия кайра жолдун жээгине чыгууну ойлоду. Денеси солкулдап, калч-калч эте титиреп жатты. Буттары дагы карышып калганбы, айтор, ордунан араң эле кыймылдайт. Көчөнүн жээгине жете берээрде алыстан бир жарык көрүндү. Эмнегедир машиналардын кыймылы бир топ эле азая түшкөндөй. Сыягы, убакыт түн жарымынан ооп калган окшойт. Алия убакытты божомолдогуча жанагы жарык ылдам эле жете келди. Шашылыш чуркап чыгып, жол тосууга кам урган Алия күп этип жерге кулап түштү. Машинанын "кы-ы-ййч" эткен дабышы бир топко кулак тундуруп барып токтоду. Жол жээгинде болсо, Алиянын денеси чылага аралашып, жамгырлуу түндө көчөдө жатты.

**Уландысы бар.**

өзү эле эптеп, сууруп чыгууну ойлонду. Жуктүн бирде ары жагына, бирде бери жагына чыгып жатып, пальтону күч менен сууруп алды да чалкасынан жерге "күп" деп кулады. Көзүнөн кадимкидей от чагылып, ичи түйүлө түштү. Оозун кырча тиштеп, ордунан козголоюн дегенде ичи дагы түйүлүп ооруду.

- Азат! Азат! - деп, жаны кыйналган Алия кыйкырып жиберди.

- Эмне жаткан жериңден тура албай калдың беле? Калп эле анткорлонбой, келе пальтомду бери бер! Жерге жата калып оонаган жаман адат таап алыпсың деле! - деп Алиянын колунан пальтосун жулуп алды да, чемоданын көтөрүп эшикти көздөй бет алды.

- Азат, суранам! Жок дегенде тез жардам чакырып берип койчу! - деген Алиянын сөзү анын кулагына дагы кирбеди. Олтурган ордунан араң козголгон Алия турары менен бут ылдый аралап ысык нерсе жүрүп кетти. Көзү тунарып эптеп керебетине жетерде, ичи дагы түйүлдү. Жаны көзүнө көрүнгөн Алия бүк түшө жерге кулады. Эмне кылар айласын таппай, чабалактап бир топко жатты. Барган сайын оозу кургап, каны катып баратты. Керебеттин үстүндөгү телефонго эптеп сойлоп жетти да, дароо эле Нурзаттын номерин издеди. Көзү карайлап жатып, эптеп анын номерин басканга жетишти да эс-учунан танды.

Алия эсине келгенде ооруканада жатыптыр. Мурдуна саңырсыган дарынын жыты келип, каңылжаарын жарып кеткендей болду. Көзүн ачып аны тегеректеген дарыгерлерди карады.

- Болду, болду! Көзүн ачты!

- Ылдамыраак төрөткө даярдагыла! Дароо операция кылбасак болбойт. Кан аябай көп кетип калыптыр.

- Өзүнүн деле төрөгөнгө алы жетчүдөй эмес - деген сөздөр кулагына угулуп жатты.

Алия эси эңгиреп, кайра көзүн жумду. Эмнегедир көңүлү караңгылап, жүрөгү айланып кетти. Аны тегеректеген дарыгерлердин карааны гана тынымсыз кыймылдап жатты. Көп өтпөй эле, баланын ыңаалаган үнү угулду. Алиянын жүрөгү түрсүл согуп баласы аман-эсен төрөлгөнүнө кубанды. Көзүн ачып аны көргөнгө ашыкты. Бирок бул кубаныч көпкө созулбады. Арадан 10 – 15 мүнөт өтпөй, баласы чарчап калды. Дарыгерлер

аны энесинин курсагындагы учурда катуу жабыркаган деген жыйынтык чыгарышты.

Алия өлүү эмес, же тирүү эмес эки күн палатада жатты. Жанында баягы эле чабалактап, курбу кызы Нурзат жүрдү. Ал колунан келишинче Алиянын көңүлүн ачканга аракет кылып, жан аракетке түшүп жүрдү. Бирок Алиянын көздөрүнөн аккан жашы кургабай, баласынын үнү кулагында жаңырып турду. Экинчи күнү кечинде Нурзат үйүнө кеткенден кийин Алия аба жутканы эшикке чыкты. Сыртта жамгыр жаап жатыптыр. Алия жаап жаткан жамгырга жүзүн тосуп, көпкө турду. Эмнегедир кайрылып, оорукanага киргиси келбей ээндикти самады. Жинди немедей халатчан оорукананын короосунан чыгып, көчө жээктеп кете берди. Көз алдына жашоосунун ар бир үзүмү бирден тартылып, муңкана ыйлап баратты. Акыры ушул жерге келип көчүк басты.

Бутун чалыштата ордунан араң козголгон Алия кайра жолдун жээгине чыгууну ойлоду. Денеси солкулдап, калч-калч эте титиреп жатты. Буттары дагы карышып калганбы, айтор, ордунан араң эле кыймылдайт. Көчөнүн жээгине жете бергэрде алыстан бир жарык көрүндү. Эмнегедир машиналардын кыймылы бир топ эле азая түшкөндөй. Сыягы, убакыт түн жарымынан ооп калган окшойт. Алия убакытты божомолдогуча жанагы жарык ылдам эле жете келди. Шашылыш чуркап чыгып, жол тосууга кам урган Алия күп этип жерге кулап түштү. Машинанын "кы-ы-ййч" эткен дабышы бир топко кулак тундуруп барып токтоду. Жол жээгинде болсо, Алиянын денеси чылага аралашып, жамгырлуу түндө көчөдө жатты.

**Уландысы бар.**

# МЕН САГЫНГАН БАЛАЛЫК

(Ангеме)

Таң эрте эшик сыртынан угулган ызы-чуу Атырдын (өз ысымы Атыркүл. Үйүндөгүлөр аны эркелетип, Атыр деп коюшат ) уйкусун бузду. Жумасына бир жолу эс алууга чыккандыктан бүгүн түшкө чейин уктап, уйкусун бир кандырып алгысы келген. Сырттагы угулган ызы-чууга карабастан башын төшөккө катып, көзүн бекем жумуп, кайрадан уктап кеткиси келди. Бирок ал ою ишке ашпады. Сыртта кимдир биреөлөр Атырдын эшигинин түбүндө урушуп жатышты. Алардын үндөрүнөн улам жанындагы кошунасы экенин жазбай таанды. "Дагы башталды", - деди ал ичинен. Канчалык алардын ызы-чуусун уккусу келбегени менен алардын ар бир сөзү үй ичине даана угулуп жатты:

- Билесиңби, сага керегиң жок баланын мага да кереги жок. Кааласаң өзүң алып кет кызыңды! Менин да сен сыяктуу ишим бар, үйгө алып келген бир сокур тыйынын жок анан кайсы каадалуу ишиңди айтып жатасың!? Жүрөсүң го, тапкан-ташыганыңдын баарын ар кайсы "шуркуяларыңа" коротуп!

- Эй! Эн-нең!.. Жаагыңды жап, оозуңа карап сүйлө! Эмне деп жатканыңды сен деги түшүнүп жатасыңбы? Баланы багып чоңойтуш - эненин милдети. Кызыңа мен эмес, үйдө олтуруп сен тарбия беришиң керек! Же бир катын өңдөнүп тыңыраак тамак жасап, оокат кылганды билбесең, же тыңыраак кызыңа мээрим төгүп, эне болбосоң, сенин деги эмнең аял!?.. Эртеден кечке үй бетин көрбөй, кыдырганың кыдырган!

- Ыя, де! Мен кыдырсам да, үйгө акча-тыйын таап келип, кызымды багып жатам.

- Сенби, сен үйгө акча таап келип, кызыңды багып жатасыңбы? Анда менин таап жаткан акчаларым каякка кетип жатат!? Эгер сен бир аз акылдуураак, сарамжалдуураак катын болгонуңда, азыр биздин жашообуз таптакыр башкача болмок. Күндө барганың салон, фитнес, маникюр, педикюр. Сага кызыңдын да кереги жок. Ал күнү кечке ачкабы-токпу башың да оорубайт. Жок дегенде дем алыш күнү анын жанында болсоң боло!

- Дем алыш күнү мен да сен сыяктуу досторум менен эс алгым келет.

- Ошондойбу, анда кызыңды өзүң менен кошо ала кет!

- Кетсең кет! Ошондон ары көзүмө көрүнбөй жогол! Уктуңбу? Кыйратып койгонсуп, мага кыйкырып калган тура. Көрөт элем менин атам болбосо, сенин ким болоруңду!? Жүрмөксүң көчөдө тишиңдин кирин соруп!.. - тиги аялдын андан ары да оозунан дагы ак ит кирип, кара ит чыгып жатты.

Атыр колун создо дивандын баш жагына коюлган чөнтөк телефонун күйгүзүп, саатын карады. Саат тогуз жарым болуп калыптыр. Ал төшөгүнөн туруп, балконду көздөй жөнөдү. Сырттан кадимкидей мээлүүн жел согуп, түндөгү жамгырдан кийин аба ырайы тазара түшүптүр. Атыр таза абадан кере-кере дем алып, айланага көз чаптыра туш тарапты суктана карады. Жайдын толуп турган учуру болгондуктан, айлананын баары жапжашыл. Түркүн куштардын безелене сайраган үндөрү жан дүйнөнү жыргалга бөлөйт. Өзүн тим эле жайлоодо жүргөндөй сезе түштү. Ансайын күнгө жүзүн тосуп, жылуу жылмайды. "Ахх! Ушул учурда жайлоодо жүрсөм гана! - деп койду ичинен. Жок дегенде, ата-энемдин жанында бир жума жүрүп келсем кандай сонун болор эле. Апамдын самоорго кайнаткан ысык чайынан ууртап, таттуу нанынан жеп, атам экөөнүн ортосунда эркелеп олтурсам!" Кичинекей кыздын кыйкырган үнү аны оюнан "ойготту".

- Эже, эже, мени караңызчы! Мен суу менен ойноп жатам!

Колуна кичинекей чыбык кармаган Нагима, эшиктин алдына төшөлгөн цементтин ойдуң жерине топтолгон чөөттөгү сууну чалпылдата кечип жүрүптүр. Анын жүзүндөгү кубанычында чек жок эле. Сууну ары кечип өтүп, кайра бери кечип өтүп, тимеле кудуңдап сүйүнөт.

- Кой, Нагима, сууну кечпе, соруп каласың! – дегени менен өзү да кыялында кичинекей бала болуп, анын жанында ойногусу келип турду. Анын ар бир кыймылын кумарлануу менен тиктеп, өзүнчө ырахатка батты. Колундагы кичинекей чыбыгы менен сууну чалпылдаткан Нагима бетине суу чачыраган сайын кыткылыктап каткырат. Сууга чагылышкан күндүн нуру да ага суктангандай анын апакай жүзүн аймалайт. "Кандай гана бактылуу ..." - деди ичинен.

- Билесиңби, мен да сендей бир убакта абдан бактылуу кыз элем. Ал күндөрүм мезгил менен кошо жарышып, учкан куштай зымырап өтүп кетти. Мен азыр ошол күндөрүмдү сагындым. Абдан сагындым... - деп оор улутунду да, кичинекей Нагиманы суктануу менен карап калды. Ал болсо колундагы чыбыгын түшүрбөй, суу менен баштагыдай эле ойноп жатты.

- Нагима! – деген кыйкырык үн Атырды селт эттирди. Ал эми кичинекей Нагима үн чыккан тарапты көздөй сызып жөнөдү. Подъездин алдында турган апасына жетип-жетпей анын ыйлаган үнү угулду.

- Кебетең кантет сенин! Эмне суу кечтиң? Менин азабымды гана жедирдиң го сен! Кийимимди жаңы эле которбодум беле, эмне кирдетиң көйнөгүңдү!? Болду! Үнүңдү чыгарба! Басыл деп жатам мен сени! - деп кичинекей кызын жулкулдата аны жемелеп жатты тигил аял.

"Кызык балада эмне күнөө? Күйөөсүнөн калган жинин кенедей кызынан чыгарганы эмнеси?" - деп кобуранды өз ичинен тигил аялга жини келген Атыр. Анысы аз келгенсип кызын колдон алды да, жетелеп келип, балдарга арналып жасалган кичинекей чатырчанын астына коюлган орундукка отуруп, чөнтөгүндөгү тамекисинен сууруп чыкты. Аны күйгүзүп, ырахаттана дембе-дем соруп кирди. Кичинекей кызы анын маңдайында солуктап, ыйы басылбай турду.

- Сен деги үнүңдү басасыңбы же жокпу? - деген тигил аял кызына дагы орой унчукту.

- Бас бери! Отур бул жерге, - деп өзүнүн жанындагы орундукка отургузду да, тамекисин кайрадан буркуратып түтөтүп кирди.

Бул көрүнүш Атырды абдан ойго салды: "Эмнеге өз кызына мындай мамиле кылат?.. Эгер Нагиманын өгөй энеси болсо бир жөн. Кызын маңдайына коюп алып, тамеки тартканы эмнеси? Өзүнөн дагы кызы тамекинин түтүнүнөн көбүрөөк ууланаарын ал кантип билбейт? Бул аялды деги кызынын эртеңки келечеги ойлондурабы?!.." Кызык, эгер буларды башынан таанымбаган болсо, анда тигил аял Нагиманын өгөй энеси же болбосо, аны багып алган деп ачык жыйынтык чыгарат эле. Бирок Нагима мындан үч жыл мурда ушул жерден төрөлүп, ушул жерден боор көтөрүп чоңойду. Атыр аны нечен ирет көтөрүп, нечен жолу

анын курсагын тойгузуп, баккан күндөрү да болду. Энеси жасана кийинип, Атыр үйдө болгон күндөрү кызын ага таштап койгонду адатка айланткан. Ал эми кеч киргенде эч нерсе болбогондой Нагиманы жетелеп үйүнө алып кирип кетчү. Кызы бүгүн кечке эмне менен алектенди, ал ачкабы же токпу сурап дагы койчу эмес. "Бала басты болуп, жүдөдү" дегидей анын жалгыз кызынан башка балдары жок. "Байкуш кызга" же атасы ата өңдүү мамиле кылбайт, же энесинин мээрими төгүлбөйт. Бул эмне деген шумдук! Ал кайрадан өзүнүн ата-энесин эстеди. Алар он баланы тарбиялап багып чоңойтушту. Кабагым-кашым дебей баарына тегиз карап, эч нерседен кем кылбай, тапкан-ташыганын балдарына чаптап, баарын жогорку билимдүү кылышты. Алды үйлөнүп-жайланып, бала-чакалуу болгонуна карабастан дагы эле аларга камкордугунан жазышкан жок. Ырматылык таенем: "Бу силердин ата-энеңер өзгөчө эле баласаак. Силер дегенде ичип жаткан ашын дагы унутуп калышат. Капырай, биз деле жаш болуп, биз деле ата-эне болдук эле. Бирок булардайды ким көргөн десең!? "Бала" десе экөө тең өпкө-боорун үзө чабышып, эт-бетинен кете энтеңдеп эле турушат. Деги силер аман-эсен чоңоюп, ушул "эки байкуштун" ак эмгегин актап, акылдуу адам болсоңор экен", - дечү эле. Көрсө, таенем дагы балдары үчүн күнү-түнү жанын сабаган кызын аяп, айткан кеби тура. Кызык... мен кандай эне болот болдум экен? - деген ой келе түштү башына. Атыр бир топко ойлоно түшүп: "Мен дагы апамдай мээримдүү эне болом", - деди ичинен. Бул оюна өзү дагы кубана түшүп, ууртунан аста жылмайып алды да, таттуу кыялдарга сүңгүп баратты.

Удаа-удаа басылган эшиктин коңгуроосу Атырдын таттуу кыялдарына чекит койду.

"Бул дагы ким болуп кетти?" - деп өзүнчө сүйлөнүп алды. Эшикти ачаары менен анын маңдайында кичинекей Нагима апасы менен турду.

- Кечирип кой, Атыр! Таң атпай уйкуңду бузган жокпузбу? - деп калп эле жасакерлене күлүп, өлүмүш боло суроо узатып калды тигил аял.

- Жок! Мен эбак эле ойгонгом, - деп тигинин суроосуна кыска гана жооп бере салды, тигини көп жактырбаган түр менен карап.

- Сен бүгүн үйдө болсоң, кызымды сага таштай турсамбы дедим эле?

- Мага бүгүн эс алуу күн экенин өзүңүз деле жакшы билесиз да, - деп тигиге кер какшык менен жооп берди. Ичинде анын эртеден берки кылыгына жаны кашайып турду. Бирок тигил аял эч нерсе байкамаксан болуп, адатынча дагы калп күлгөн киши болду.

- Анда жакшы болбодубу? Нагима өзү деле сага аябай көнүп калды. Кээде сен үйүңдө жокто да сага киреличи деп эшигиңдин алдынан кетпейт...

Атыр анын андан аркы сөздөрүн уккусу деле келген жок. Нагиманын бойтойгон колунан жетелеп, аны үйгө киргизди да, эртерээк эшикти жаап алгыча шашты.

- Эже, мага мультик коюп бересизби? – деди кичинекей Нагима бутун чечип жатып.

- Эгер көрөм десең коюп берем. Кана кандай мультик көрөсүң, тандачы, - деп Нагиманы чоң залына киргизип, астына дисктерди алып келип берди. Ал дагы тим эле чоң кишидей каадалана ар бир дискти бирден алып, сыртындагы сүрөттөрүн үңүлө карап, мультфильм тандап жатты. Акыры "Маша менен Аюу" жөнүндөгү дискти Атырдын колуна карматып, экөө чогулуп мультфильм көрүштү. Андан соң, ашканага кирип тамак ичишти. Кайра залга кирип экөө жашынмак, кубалашмай ойношту. Жеден чарчагандарында гана диванга суй жыгылышты. Атыр кадимкидей жеңилдеп, жыргай түштү. Нагима болсо анын мойнунан кучактап, дагы эле эркелеп ойноп жатты. Ушул учурда Атырдын көңүлүн бир ой эзип жатты. "Эмнеге?" - деди ал өз ичинен. - "Эмнеге ушул кымындай кызды таштай салып, качышты. Ушул кичинекей адамда ушунча бакыт, кубаныч, күлкү деги койчу кандай гана ырахаттуу сезимдер бар экенин чындап эле Нагиманын ата-энеси билишпейби!? Анан калса тилинин таттуулугун айт. Эки сөзүнүн бири эле күлкү менен коштолот. Алардын миң досунун күлкүсү да, ушул кичинекей кыздын бир ууртам күлкүсүнө чак келбесин алар кантип түшүнүшпөйт?" - деди да, ал өзүнө-өзү аң-таң боло түштү. "Мен эмне эле мындай ойлорду ойлоп калгам?" - деди кайра өзүнө суроо берип. Ал ойлордон алаксыш үчүн кайрадан Нагима менен ойногусу келди. Бирок Атырдын мойнуна оролгон кичинекей

бойтойгон колдор аны ордунан тургузбады. Ичи ысып кеткендиктенби же эртеден берки ойлордон уламбы, айтор, Атыр да Нагиманы бооруна бекем кыса кучактап, анын чекесинен сүйдү. Анын көз алдына өзүнүн балалык кези тартыла түштү. Атасы менен апасы да аларды ушинтип эркелетишчү. Ал күндөр бүгүнкү күнгө чейин Атырдын эсинде. Таң эрте турган атасы менен апасы эшикке самоор кайнатышып, качан чай даяр болгондо алмак-салмак кирип-чыгып, аларга жалынып-жалбара ар биринин чекесинен сүйүп ойготушаар эле. Бул айылда сеттин жогунан эмес, болгону ата-энесинин балдарына көргөн өзгөчө камкордугу болчу. Анткени, самоорго кайнаган чайдын даамы өзгөчө бир керемет эле. Апасынын кайнаткан чайы, чай ичилип бүткөнгө чейин барактап кайнап турчу. Анын сыры - апасы ар бир от жагылган сайын отундун чогун күл кылбай, көмүр кылып өчүрүп алчу. Самоордун түтүнү өчкөндөн кийин, чоктун үстүнө кургатылган көмүрдөн салып койчу. Ал тутанып чыккан соң, чай бир темпте кайнап турар эле. Баарынан керемти кургатылган арчаны самоордун ичине салып жиберсең үй ичи жайлоо жыттанып чыкчу. Ал эми столдун жанына келишкенде сүттүү чайга нан чыланып, үстүнө май, шекер салынган таттуу чай күтүп турчу. Сабактан чыгып үйгө кайтышканда апасы ысык тамагын камдап, балдарын күтүп калган болор эле. Эң кызыгы ошол адат ушул күнгө чейин сакталып калган. Шаардан ар дайым айылга эс алууга барышканда, баягы балалык кезиндегидей самоордо кайнаган чай, ичтери эзиле жалынган ата-энесинин толуп-ташкан мээрими аларды кубанычка, бакытка бөлөйт. Буларды эстегенде эмнегедир Атырдын көздөрүн жаш чайый түштү. Ал баарын эми түшүндү. Көрсө, жанына тынчтык бербей эртеден бери делөөрүткөн сезим бул – ата-энесине, бактылуу балалыгына болгон сагынычы, кусалыгы экенини түшүндү. Ошол замат эртерээк жумушунан уруксат алып айылына барып келүүнү ойлоду. Ата-энеси бул кабарды угушса тим эле төбөлөрү көккө жеткендей сүйүнүшөт го. "Деги биздин бактыбызга силер аман-эсен болсоңор экен! Силердин карааныңар эле бизге канчалаган күч-кубат. Жараткан өзүң жар болуп, алтындай ата-энеме ден соолук бере көр! Биздин сый-урматыбызды көргөзүп, аларга бактылуу карылык тартуулай көр ", - деп Атыр өз ичинен кудайга жалынып жатты.

## ЧЕКСИЗ СЕЗИМ

(Эссе)

"Бул күндөр да өтөт… Жүрөгүмдөгү дарт убакыттын өтүшү менен айыгат. Бир көргөн түш сыяктуу баардыгы унутулат. Алдыда сенин турмушуңдун жаңы барактары ачылып, кайрадан жаңы жашоо башталат. Болгону бул кыйынчылык күндөрдү жашап өт!" – деп өзүмө-өзүм кеңеш айтканыма бир нече жылдын жүзү болду. Дагы өзүмдү канча убакыт алдайм!?.. Балким беш жыл... же он жыл, а балким, өмүр бою...

Сагындым, сагындым... сени ушунчалык сагындым!!! Кусалыктын ташкынынан жаным дейдиленип, кирерге тешик таппай карайлайт. Сени жоготуудан тапкан кайгынын уусунан жан дүйнөм эңшерилип эбак майып болуп калгандай. Агарып таң атпай караңгылыктын сазына баткан дүйнөмдүн жарык чачкан күнү сени менен кошо батып кетти. Жыл мезгилдери айланбай жан дүйнөм борошолуу кыштын кыраан чилдесинде калып калды. Жазды сагындым... жаз менен кошо сени сагындым! Ар бир жазды күтүп, аны эртелеп тосуп алгым келет. "Ушул келген жаздын жагымдуу жылуу илеби жүрөгүмдөгү тоңгон музду жибитип, жан дүйнөмө дагы жаркыраган жазды тартуулайбы" деп күтөм. Акыркы убактарда жанга жакын жалгыз досум «жалгыздык» менен сырдаш болуп, элден четтеп ээндикти көп самачу болдум. Айрыкча толкунун ташка урган суунун жээгиндеги бийик жарга чыгып, ошол жерден алыска, алыска көз чаптырып сен келчү тарапты карап тура бергим келет. Ооба, андай учурдан эч тажабайт элем. Мына, кыялымда өзүм издеген жерге да келдим. Жаным тим эле азатыкка чыккан туткундай жай ала түштү. Мен суу үстүндө ойногон тентек шамалга эркелей жүзүмдү тосуп, бийик жардын кырында сен келчү бардык тарапка кучагымды жайып, сенин келишиңди күтүп турдум. Моокумум канганча суу үстүндө жарыша келип, жардын жээгине урунган толкундарды, мелтиреген көпкөк асманды, алыстагы көк тиреген бийик-бийик чокуларды, учу-кыйырсыз көл бетин көпкө тиктедим. Сага болгон сагыныч, кусалыгым ого бетер толуп-ташып кетти. Ушул кереметтүү кооз жайдан мен сени көргүм

келди. Эмнегедир жомоктогу керемettүү сыйкырга ушунчалык ишенгим келип турду. Азыр атыңды атап чакырсам эле көз ачып-жумганча менин маңдайымда сенин бажырайган элесиң тартылчудай туюлду. Ооба, чын эле бул учурда мен акылдан таныл турдум. Сени бир көрүш үчүн мен азыр баарына даяр элем. Аттиң десеңчи!? Андай күн кайда!? Кайрадан сени бир көрүш мен үчүн канчалык бакыт экенин мен сөз менен да жеткизип айта албас элем. Эгер Кудайдын мээри түшүп, бул керемет чындап эле болгонунда, чындап эле мен сени кайрадан тапканымда... анда мен сенден эч ажырабайт элем. Бул жолу экөөбүздүн ортобузду өлүм дагы ажырата алмак эмес. Мен сени менен бул ирет чогуу кетмекмин. Сен кайда алып кетем десең мен баарына даяр элем. А түгүл ажалдан да тайманбас элем. Сени түбөлүк жоготуудан тарткан азабыма караганда сени менен бирге ажалга баш ийүү мен үчүн кыйла жеңил болмок. Балким, бул сунушум сага жакпастыр. Бирок мен үчүн ушул чечим туура болмок. Сенсиз өткөн өмүр мен үчүн тирүүлүктүн тозогу... Канчалаган уйкусуз узак түндөр, жүзүмдү жууган жан дүйнөмдүн азаптуу жашы, учу-кыйырсыз сансыз санаалар, жан кыйнаган кусалык, сары оору кылган сагыныч, көңүл өйүгөн күйүттөр, жандап жүргөн жалгыздык, деги койчу, баары... баары жаныма батып кетти!?... Мен баарынан тажадым! Күнүнө миң ойлонуп, миң толгоном. Жүз ыйлап, жүз сооронам...

Адаштык биз бактыбыздын жолунан,  
Ажал сени тартып кетти колумдан.  
Арман-кайгы азаптантып жанымды,  
Таш боор тагдыр кайыш тилди жонумдан.

Арзуу толгон жүрөгүмдү муң чалып,  
Калдым капыс кайгы отуна курчалып.  
Акыл качып ажал менен бет келип,  
Мен жашоону жек көрбөгөм мынчалык.

Кызыгы жок сенсиз мага өмүрдүн,  
Бир жылт этип көзгө неге көрүндүң.  
Жер алдында жатпаганым болбосо,  
Жер үстүндө жүргөн тирүү өлүкмүн!? –

деген саптар кезигет. Чынында эле ойлоп көрсөм менин тирүү өлүктөн айырмам калбаптыр. Эртең менен таң атат, кайра кеч кирет. Өтүп жаткан күндөрүмдүн баары окшош. Эмне үчүн жашап жатканымды түшүнбөйм. Жашоого болгон кызыкчылыгым түгөнүп калгандай.. Кайдыгермин... баарына кайдыгермин. Эптеп тирилик кылып, тирүүлүктүн мыйзамын аткарып жаткандаймын.

Баары бирдей баткан күнү, таңы да,
Кыш чилдеси жазы, күзү, жайы да.
Өксүк менен өтүп жатат өмүрүм,
Ал анткени өзүң жоксуң жанымда.

Оорулуудай онтойт алсыз жүрөгүм,
Үзө албай дале сенден күдөрүн.
Тагдыр жанга кандай азап салбасын,
Мен баары бир жалгыз сени сүйөмүн.

Кайдыгердей жолун таптап өмүрдүн,
Чордонунда арман жашайт көңүлдүн.
Оо тирүүлүк, кылсам кечир кесирлик,
Жүзү курсун! Бирок сенсиз өмүрдүн.

Кызык, деги эмне болуп баратам!? Бул эмне деген жашоо? Мындай аркы өмүр жолум кандай күндөр менен уланат? Туңгуюк... Келечегим күңүрттөнүп көрүнбөдү. Сен барда баары башкача эле. Ал учурда мен жомокто жашаптырмын. «Сени сүйүп, мен жашоону сүйүпмүн» деген бир акындын ыр сабындай. Көңүлүм гүлдөп, жан дүйнөм кубанычка толуп-ташып, кайгы-капа мага жат эле. Андагы ажайып аткан таң менен кошо, кызарып баткан күндүн сулуулугу башкача эле. Эмнеге анан мындай болду!? Эмнеге? Жоопсуз суроолорума жооп таба албай, кайрадан бушайман боло түштүм. Жаман ойлордон алыстап жакшы гана нерселерди эстегим келди. Көздөрүмдү жумуп алып сенин келишинди кудайдан тилеп, кыялымдагы кереметтин болушун күтүп жаттым. Суунун шарына, сыдырым соккон желдин добушуна кулагымды төшөп тура бердим. Бирок чынында мен алардын добушун эмес, сенин добушуңду күттүм. Сенин мен сагынган жылуу илебинди, жашыруун келип,

колдоруң менен көзүмдү басып калчу тамашаңды анан сен экениңди айтканымда бажырая күлүп, кучагыңа бекем-бекем кысып, кош колдой мени жерден көтөрүп алып, тегерене каткырып күлгөн сени, сенин добушуңду күттүм. Көз алдыма тасмадай тартылган өткөн күндүн элестерин көрүп, бактылуу жылмайдым. Ар күнү мени тосуп алчу ордуңда, адаттагыдай күтүп турдуң. Мени көрөр замат жаз күнүндөй жаркылдай күлүп, жаныма жете келдиң. Экөөбүз кол кармаша ээрчишип, жаныбызга жакын биздин жайларга бет алдык. Дагы эле баягыдай шайыр мүнөзүңдөн жазбай, куудулдана мени күлдүрүп жаттың. Менин маанайым жок учурларда канчалык билгизбейин десем да, сен дароо байкап коёр элең. Андайда жан-алың калбай, бардык иштин чоо-жайын билгиче тим эле тызылдап кетчүсүң. Менин чөккөн маанайымдын жалгыз дарысы сен элең... Сен кеткен күндөн бери мага сенден эстеликке белек болуп калган өткөн күндүн бактылуу элестери менен бирге жашап келем. Бул элестер мени менен бирге таң тосуп, мени менен бирге жатат. Кандай жерде, кайсы убакта болбосун алар ар дайым менин жанымда. Убакыт өтө берди. Азыр көзүмдү ачып сенин жок экениңе ишенгим келбей турду. Бирок, канча күткөнүм менен сен келбедиң... Аргасыз көзүмдү ачып, теребелди тегерене карадым. Шагым сына жер тиктедим. Аргасыз ачуу чындыкка аралашып, сенин бул дүйнөдө жогуңа, экинчи кайрылып келбесиңе ишенип-ишенбей ызалуу жашка муундум. Көзүмдөн аккан жаштарым жазгы жамгыр тамчыларындай жүзүмдү жууду. Туш тарапка сенин атыңды атап кыйкыра бердим... кыйкыра бердим... Деги айтчы, каяктасың!? Кайсы тарапта, кайсы жайдасың!? Мен шордуунун абалын көрүп жатасыңбы!? Мен тажадым, баарынан тажадым!!! Мени бул азаптардан куткарчы. Жок дегенде, көрүп турган болсоң, бир белги кылчы суранам!?... Тозок... Тирүүлүктүн тозогу жанымды эзип барат. Кайгынын отуна какталып, суугуна тоңдум. Балким, сен азыр мага кайрылып келгениңде мени таанбай калышың деле мүмкүн эле. Мен өзгөрүлдүм, абдан өзгөрүлдүм...

Жашап жүрөм сенсиз өмүр өткөрүп,  
Ар бир күнүм арман менен өкчөлүп.  
Билесиңби? А мүнөзүм баякы ...  
Оор басырык тарткан кыйла өзгөрүп.

Сенсиз калган тагдырыма көнө албай,
Ой-санаамды же өзүңдөн бөлө албай.
Жашап жүрөт байкуш болуп жүрөгүм,
Ызасынан кээде арданып өлө албай.

А сенчи?... Сен ал жакта бактылуусуңбу!? Жаның кыйналган жокпу? Ал жай сага жактыбы? Деги кандай күн кечирип жатасың? Байкушум ай! Жүрөгүм ушунча жылдан бери тынч албаганына караганда, сен да кыйналып жүрсөң керек ээ!? Сен шордуунун да мен сыяктуу көзүңдөн жашың кургабай, жан кыйнаган күйүттүн жаалдуу азабын тартып, кайгы менен кусалыктын туткуну болуп жүрсөң керек.

Арман болдуң жүрөгүмдү канаткан,
Кусам болдуң уйку бербей таң аткан.
Капасына салбай сени ал жайдын,
Жайың сенин берди бекен жаннаттан!?

Тагдырыма ийгим келбей башымды,
Тыя албадым көздөн аккан жашымды.
Кантип гана дити барып ажалдын,
Карааныңды кара көргө жашырды!?

Кантебиз анан... Бешенебизге жазылган тагдырыбыз ушул тура. Тагдырдан качып кайда барабыз? Баары экөөбүз ойлогондой болсо гана, атаганат! Сен экөөбүз эңсеген кыялыбызга жеткенде, анда ааламдагы эң бактылуу адам экөөбүз болот элек го! Ооба, биз сөзсүз бактылуу болмокпуз. Сен айткандай үй-жай күтүп, сага окшош уулдарды, мага окшош кыздарды тарбиялап өстүрөт элек. Биздин максатыбыз да, багытыбыз да бир эле. Экөөбүздүн келечегибиз күңүрттөнбөй ачык, таасын көрүнчү. Биз жаңылышкан жокпуз. Бизге тагдыр кастык кылды. Бул дүйнө өзү ушундай карама-каршылыктан, ак менен карадан, жаман менен жакшыдан куралган тура. Экөөбүздүн кең дүйнөбүздү көрүп, ажал сага суук колун салды.Тагдыр бизге артын салып, сени менден, менден сени түбөлүккө ажыратты. Эмнеге мындай болду? Эмнеге тагдыр экөөбүздүн бактыбызга балта чапты? Эмнеге ажал сени менин колумдан жула качты?..

Кайгы курдуң зор бакыттын үстүнө,
Сени эми көрөм жалгыз түшүмдө.
Аткарылбай таттуу кыял боюнча,
Тоюбуз да болбой калды күзүндө.

Эңсеп күтүп, көздөгөнгө жетпедик,
Арман кылып, арзуубуздан четтедик.
Бактыбыздын аркасында жашынган,
Азап, кайгы барын неге сезбедик?

Ашык сүйүп, балким, болдук күнөөлүү,
Айтчы тагдыр, биздин кылган күнөөнү?
Ашыктыктан бир бүтүнгө айланган,
Кош жүрөктө сүйүү жанса күнөөбү!?

Бир болбодук, бирге өмүр сүрбөдүк,
Кумарлана ойнободук, күлбөдүк.
Тагдыр биздин бөлсө дагы ортону
Жүрөгүмдө сүйүүң жашайт түбөлүк.

Ооба, тагдыр биздин ортобузду бөлгөнү менен жүрөгүбүздөгү аруу махабатыбызды өчүрө албады. Арадан канча жылдар өтсө да, кургур жүрөгүмдүн эңсеп күткөнү жалгыз сенсиң! Ал сени тунук күлкүлөрдөн, шайыр жүздөрдөн, кара көздөрдөн, деги койчу, ар тараптан сени издегени издеген...

Арт жагымдан сенин күлкүң угулуп,
«Жалт» карадым дароо сен деп бурулуп.
Жаңылыпмын сенин күлкүң, а бирок...
Бейтааныш жан калды көзгө урунуп.

Акылсыздык... жеткен акылсыздык! Бул дүйнөдө сенин жок экениңди билем, кайрадан сага жолукпасымды да билем... Бирок "үмүт" деген жарыктык үзүлбөй койду го! Кантейин, канчалык акыл-эсимди, күч-кубатымды жыйып, жаңы жашоого бел байлаганым менен көкүрөк тушундагы бир үзүм эттин алдында алсызданып калам. Анын да беттегенин бербеген көк беттигин карачы!?... Ушунча жылдан бери өз оюнан кайтпай, курган жанымдын айласын кетиргени, кетирген. Аны алдап да көрөйүн

дедим. Бирок андайда мага сыртын салып, тескериленет. Менин оюмду угуп дагы койгусу келбейт. Анан жан дүйнөмдө заматта карама-каршылык башталып, самсыган сансыз ойлор мени туткунга алат. Кайрадан көңүлүм ооруп, көөдөнүмдү муң чалат. Жедеп жаныма батканда мен да жүрөгүмө жооп кайтарам: "Эмнеге? Эмнеге мынча таш боорсуң? Буга чейинки менин тарткан азабым эле жетиштүү, болду го сага! Мен мындан аркы кыйноонду көтөрө албайм. Унут! Баарын унут! Болду, мени азапка салганыңды токтот!" - деп кыйкырам. Ал шордуу да мындайда үн катпай, болгону көз жашын төгүп тим болот. Муңканган ал "байкушту" көрүп кайра зээним кейийт. "Кечир!" - дейм кайра ага боорум ооруп.

"Бул күндөр да өтөт... Жүрөгүмдөгү дарт убакыттын өтүшү менен айыгат. Бир көргөн түш сыяктуу баардыгы унутулат. Алдыда сенин турмушуңдун жаңы барактары ачылып, кайрадан жаңы жашоо башталат. Болгону бул кыйынчылык күндөрдү жашап өт!" - деп өзүмө-өзүм кеңеш айтканыма бир нече жылдын жүзү болду. Дагы өзүмдү канча убакыт алдайм!?... Балким беш жыл... же он жыл, а балким, өмүр бою...

# ГҮЛДЕСТЕ

(Эссе)

Туулган күн - ар бир адам үчүн өзгөчө майрам. Ушул жашка чейин мен туулган күндөрүмдү эстегенимде айылдагы ата-энемдин мага кылган камкордугун эстээр элем. Ар жыл сайын жаңы окуу жылдын башында эле менин туулган күнүм менен майрамдар башталчу. Себеби классташ, курбуларымды ар жыл сайын үйгө туулган күнгө чакыруу биз үчүн салтка айланган. Үйдө бир күндө үчөөбүздүн туулган күнүбүз бир өтчү. Атамдын, сиңдимдин жана менин туулган күнүбүз бир күндө болгондуктан, эки-үч күн катары менен конок тосуп калчубуз. Ар бир жылы ар түрдүү белектерге курчаласың. Айрыкча бул күнү көңүлүңө жаккан нерсеге жетүүгө эң жакшы шарт түзүлчү. Азыр айылдагы тоскон туулган күндөрүмдү балалыгымдын эң бактылуу күндөрү катары эстеп келем. Канчанчы класста экенимди так билбейм, бирок бир жолу мындай бир окуя болуп өткөн. Мен классташтарымды адатымча конокко чакыргам, анан кошунабыздын сиңдим менен тең кызы дагы инисин ээрчитип, бизди куттуктап келишиптир. Сиңдим экөөбүздүн аралыгыбыз толук бир жыл болчу. Апам жасаган таттуу тамактан тойо жеп, короодогу селкинчекти тээп, ырдаганга, оюн ойногонго дагы жетиштик. Коноктор узап кеткенден кийин сиңдим үйгө кирип, апамдан элүү тыйын сураганын билем. Көрсө, кошунабыздын кызы, апасы ширеңке алып кел деген элүү тыйынын сиңдиме белек кылган экен. Кайра өзү келгенден уялып, инисин жөнөтүп жибериптир. Бул окуяны эстеп кийин биз бир далайга чейин күлүп жүрдүк. Кийин шаарга келип, жаңы достордун, группалаштардын арасында туулган күнүмдү белгилей баштадым. Айтайын дегеним ошол өткөн туулган күндөрүмдүн ар бири эле эсимде кала алган жок. Бирок, мындан үч жыл мурунку туулган күнүмдү мен эч качан унута албайм.

Таңкы саат беш жарым болуп калганда менин чөнтөк телефонум чырылдап калды. Карасам менин жумуштагы эң сүйүктүү Бермет эжем чалып жатыптыр. Телефонду аларым менен эле “Сени эшигиңдин алдында күтүп жатабыз, сыртка чыга

каласыңбы", - деп калды. Мен дароо "жумушта бир нерсе болгон го" деп ойлоп шашылыш көчөгө чуркап чыктым. Жолдун жээгиндеги жеңил машинасынын жанында Бермет эже жолдошу Канат байке экөө мени күтүп турушуптур. Мен барып алар менен учурашканча болбой эле, Бермет эже машинадан бир чоң букет кооз гүлдү колума кармата салып, туулган күнүм менен куттуктап киришти. Бул менин жашоодогу эң биринчи таң эрте кооз букетти кучактаган туулган күнүм болду.

"Жашоо" дегениң оош-кыйышы көп өтө опурталдуу нерсе экен. Кээде бардыгы жипке тизген шурудай келип эле, бир заматта жиби үзүлгөн шурудай туш тарапка чачырап калган күндөр дагы болот тура. Болбосо, бүгүнкү көргөнүң эртең жок... Ким ойлоптур... Бул менин жашоомдогу көргөн эң бактылуу, идеалдуу үй бүлө болчу... Аларга кимдер гана болбосун көз артып, суктанышчу. Башкалар эмес, мен деле канча жолу: "Канат байке, Бермет эже сыяктуу чыныгы сүйүүдөн үй-бүлө курсам, биз дагы бири-бирибизди жарым сөздөн түшүнүшүп, турмуштун кыйынчылыктарын бирге жеңе билсек, эч качан көңүл оорутуп, жаман-жакшы айтышпасак, жакшынакай уул-кыздарды тарбияласак, башкаларга дагы жакшы жактарыбыз менен үлгү болсок", - деп нечен жолу тилек кылгам. Эми баары бир көргөн түш сыяктуу жок болду... Эмнеге мындай? "Жашоо" дегендин өзү деги эмне? Бул "өлүм" деген балакетиң жаман-жакшыны ылгабай, баарын бирдей кайсаган кан жуткур го, чиркин! Болбосо жашоону сүйүп, өзү эмес өңгөлөргө да өрнөк болгон не деген асыл адамдардын жанын жалмап, дүйнөгө өмүр бою түркүк болом деген жексурлардын, өз өмүрүн эбак эле кечип коюп, Алладан ажал тилегендердин жанын неге албайт!?..

Бермет эже! Сиз экөөбүздүн акыркы жолугушуубуз менин күнү бүгүнкүдөй эсимде. Адатыңызча жумушка куру келбей, жадырап-жайнап бир чоң дарбызды кучактап келгенсиз. Сизди көптөн бери көрбөгөндүктөн баардыгыбыз тең ызылдап, сиз менен учурашып жаттык. Бирок мен сиз менен бул ирет баштагыдай учурашпай, бир аз көңүл кошураак мамиле кылдым. Анткени, ичимде сизге болгон ич күптүлүгүм бар эле. Ачыгын айтканда, андай мамиле кылуу оюмда деле жок болчу. Бул адам баласына бүткөн "кыял" дагы өзүнчө кыйын нерсе экен. Эгер кыялың жакшы болсо, бул анда сенин бактың десе дагы

болчудай. Ал эми ит кыялга туш келсең, анда бул сенин шорун тура. Сиз менин өзгөрүп калганымды дароо эле байкадыңыз. Кетип жатканыңызда менин кошо эшикке чыгуумду өтүндүңүз. Сыр билгизбей сиз менен сыртка жөнөдүм. Ээн жерге чыкканыбызда жумуштагы болуп жаткан келишпестиктер тууралуу кеп баштадыңыз. Араң турган көз эле чыгып кетти өзү эле болуп, мен дагы сизге болгон таарынычымды айтып алдым. Бирок баары мен ойлогондон башкача болуп чыкты. Ушак... Адам менен адамдын ортосуна ажырым салган, көңүл оорутуп, көзүңө жаш айланткан ушактар менин ичиме ит өлтүрүптүр. Көзүмө күлүп-жайнап, көчүгүмө суу куйгандардын анык жүзүн тааныдым. Сиз мага аларчылап акчыланган дагы жоксуз, болгону менин берген суроолорума бир ооз гана кеңешиңиз менен жооп берип койдуңуз. "Экөөбүз эже сиңдидей эле болуп калдык. Душман, дос деген сен кайда гана барба бардык жактан табылат. Мисалы, сен эртеңки күнү турмушка чыксаң абысынын үйгө кирип сага: "Ай алдыгы халатыңды чечип шымданып, жоолугуңду чечип жылаңбаш эле жүрбөйсүңбү", - дейт дагы качан анын тилине киргениңде, кайра кайненеңе барып: "Келиниңиз кантип тастандайт. Башында же жоолугу жок, же үстүндө халаты жок", - деши мүмкүн. Ошондо ал жакта туура жыйынтык чыгаруучу жалгыз өзүң болосуң. Кандай болгон күндө да ак караны туура ажыратканга үйрөн. Эч качан шашылыш жыйынтык чыгарбай, сабырдуу бол!" - дедиңиз. Эмнегедир көзүңүзгө жаш тегеренип, мени бооруңузга кысып койдуңуз. Мен ошондо ойлонбостук менен биреөлөрдүн жалган кебине ишенип, сиздин көңүлүңүздү оорутканым үчүн абдан өкүнгөм жана азыр дагы өкүнөм. Азыр ошол күндү эстеген сайын менин көңүлүмдү көп суроолор эзет. Башкалардын тилине кирип, бат алданганым үчүн, балким, сиз дагы мага ошондо таарынган чыгарсыз ээ? Ооба, бул турмушта дос менен душмандын, ак менен каранын айырмасын билүү өтө эле оор экен. Түшүнбөйм... Эмнеге адамдар бири-бирибизди алдайбыз, эмнеге мынчалык ичи тар, ач көзбүз, эмнеге болбогон көр оокаттын айынан бири-бирибизге жаман-жакшы сөз айтышып, көңүлүбүздү оорутабыз? Эмнеге?

Байыркы Кытайдын эң көрүнүктүү философу Конфуций: "Өзүңө эмнени каалабасаң, аны башкаларга жасаба", - дептир.

Адам эч качан өзүнө жамандык каалабайт жана андан колунан келишинче оолак болгонго аракет кылат. Эгер биз Конфуцийдин "алтын эрежеси" менен жашаганыбызда жашообуз мындан дагы жакшы болмок беле деген ой келет.

Билесизби, жашоодо сизге окшогон адамдар көп болгондо анда бул жашоо таптакыр башкача болмок. Тилекке каршы, андай эмес. Бул жашоонун көйгөйү дал ушунда жатат. Ошондуктан сизге окшогон жакшы адамдардын өмүрү аз. Сиз мага эле эмес, баарына керек адам болчусуз. Бирок, биз сизди түбөлүккө жоготуп алдык. Мен сизди ошол күнү эң акыркы ирет көрүп жатканымды билгенимде гана, атаганат! Жок дегенде кучагыма бекем-бекем кысып, сиз менин жашоомдогу эң ыйык, эң жакшы көргөн адамым экениңизди айтып алат элем го! Эмнегедир сиз ошондо абдан шайыр келгенсиз. Эшикке чыгып баратып, сиз бизди абдан сагынганыңызды, жүрөгүңүздүн бир бөлүгү ушул жерде калганын айттыңыз. Жол жээгинде турганыбызда мага өзүңүздө болуп жаткан жаңылыктарды, ар кайсы окуяларды айтып, күлдүрүп жаттыңыз. Сизге болгон таарынычым тарап, сиз экөөбүз мурдакы калыбыбызга келе түштүк. Канча маршрутканы өткөрүп жибердик билбейм, эң акырында ак маршрутканы тосуп, мени менен коштоштуңуз да жадыраган бойдон кетип калдыңыз. Ошол күндөн көп узабай, сиздин жаздай жаркылдаган элесиңизди көрө албастыгыбыз туурaлуу суук кабарды уктук.

Ар бир туулган күндө таң эрте ойгонуп, сиздин кооз гүлдестеңизди эстейм. Ал гүлдесте сиз сыяктуу сулуу, сиз сыяктуу жыпар жыттуу, сиз сыяктуу таптаза бойдон менин көңүлүмдө, жүрөгүмдө жана көз алдымда өмүр бою сакталып калды. Бул менин жашоомдогу эң биринчи таң эрте кооз букетти кучактаган алгачкы туулган күнүм болчу.

## МАЗМУНУ

Жүрөктөгү так .......... 3
Мен сагынган балалык .......... 46
Чексиз сезим .......... 52
Гүлдесте .......... 59

Назгүл Саалаева

**ЧЕКСИЗ СЕЗИМ**

*(Аңгемелер)*

*Редакторлор:* С. Кубатова
Асантур уулу Самат

*Компьютердик калыпка салган:* Ж. Курмушуева

Басууга 15.03.2013-ж. кол коюлду.
Форматы: 14,8x21
Көлөмү 5,2 эсептик басма табак
Нускасы: 150 даана

Мукабада С. Э. Мирзираимовдун «Келе жаткандар»
аттуу ишинен фрагмент колдонулду

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык
менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы
Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду жана
Эл аралык "Нурборбор" чыгармачылык академиясы
тарабынан сунушталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик
жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент)
Материалдарды даярдоо бөлүмүндө басмага даярдалып,
Полиграфия бөлүмүндө басылып чыкты.